
3

Н.Атабаев: “Доллардын баркын көтөрүп жатабыз”



9

“Экстремист журналисттин оңгонун көрбөдүм”




# САРЕСЕП

22-октябрь, 2015-жыл
№23 (23)
saresep.kg
Калыс көз караш!




## Абактар энелердин шоруна айланды

11-бетте




Кыргыз ааламдан куда күтө баштады

3-бетте



Паракорлукту биздин кайдыгерлигибиз азыктандырат

4-бетте



Антташкан арызчылар

5-бетте



Кыргыз коомундагы “жаңы маданияттар”

6-бетте



## Калк МЖАКа ишенбейт

КРнын Улуттук статистикалык комитети калктын ведомство жана министрликтерге карата ишеним индексинин рейтинги боюнча Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгү Мамлекеттик жаза аткаруу кызматына ишеним артпай тургандыгын белгилеген.

"Биз рейтингди түзүүдө бир да ведомствону таасирин тийгизбесин деп аралаштырган жокпуз. Бул рейтинг элдин кайсы бир ведомстводо жемкорлукка тушуккандыгынын эсебинде түзүлгөн. Ведомство, министрликтердин калк үчүн кызматы кандай? Алардын иштеринин көрсөткүчтөрү кандай болуп жатат?" деп бул көрсөткүчкө өлкө президенти өзү кызыкдар болуп жаткандыгын Улуттук статкомдогу ачык эшиктер күнүндө Үй чарба бюджетер башкармалыгынын башчысы Галина Самохлеб билдирген.



## Караколдук 19 жаштагы жигит тиши менен 10 маршрутканы жылдырды

Turmush маалымат агенттиги билдиргендей, Каракол шаарынын 19 жаштагы Ринат Исмаилов деген тургуну 10 микроавтобусту тиши менен 30 метрге сүйрөдү. Ак-Суу районунун Жаңы-Арык айылынын жашоочусу ушул эле жылдын жаз айларында күчүн сынап көрүү үчүн 5 маршрутканы сүйрөп көргөн.

Ринаттын жеке рекордун эки эсеге көтөрүү аракетин Өкмөттүн Ысык-Көл облусу боюнча өкүлү Эмиль Каптагаев, Каракол шаарынын эки вице-мэри К.Карасартов жана Г.Орозова башка көрүүчүлөр менен бирге сүрөгөнү келишкен.

Облустун жетекчиси жаш жигитке өнүп-өсүү, ийгилик тилегин айтып, сөзүн: "Ринат сергек жашоонун үлгүсүн көргөзгөн жаш жигит. Жараткандын ага берген тартуусун элибиз баалашы керек. Сага узун өмүр жана ачык жол каалайбыз" деген тилектерин айтышты.

Ринат Караколдун борбордук аянтында 10 маршрутканы 30 метрге сүйрөп элдин алкышына татыды. Ал өз өнөрү тууралуу төммөнкүчө баяндап берди. "Мындан үч жыл мурун 3 күн уктай албай койдум. Анан үчүнчү күнү мештин үстүндөгү темир табакты эки бүктөп салдым. Бул мүмкүн болбой турган нерсе болчу! Башында кара күчүмдү улам ар нерсеге сынап жүрүп аябай таң калдым. Анан жаңы өнөрлөрүмдү көргөзүп Кыргызстандын бардык аймактарын кыдырып чыктым. Эми чет өлкөлөргө да чыгып биздин сонун өлкөдө шумдуктуудай өнөрлөрү бар адамдар жашаарын көргөзүп келейин деген ниеттерим бар" дейт Ринат Исмаилов.

# Качып кармалган 5 кылмышкердин үчүнчүсү абакта каза болду



АКИ-пресс маалымат кызматынын кабарына караганда, октябрдын 11нен 12сине карган түнү качып баратып кармалган 5 кылмышкердин бири М.Жумалиевдин өлүмүнө жүрөк-кан-тамыр жетишпестиги жана баш мээнин жабыркашы себеп болгон деп 21-октябрь күнү МЖАК-тын пресс-кызматы билдирди.

Мурда маалымдалгандай, Жумалиев бүгүн 47-түзөтүү колониясынын алдындагы борбордук түрмө бейтапканасында көрсөтүлгөн реанимациялык жардамдарга карабай көз жумган.

Эскерте кетсек, азыраак мурда ушул эле 47-колониянын бейтапканасынын корулган участогунда соттолгон Кенжегулов Бакыт да көз жумган. Андан кийин 1-СИЗОдо жүрөгү кармап, Таалайбек Жуманов да оо дүйнөгө кеткен. Ошону менен №50 тергөө абагынын 4 кызматкеринин өлүмүнө себепчи деп шектелген 9 кылмышкердин 3өө абакта жан берип, 2сү сыртта өлтүрүлдү.

МЖАК жетекчилиги Жумалиев, Кенжегулов, Жуманов адам өлтүрүү боюнча өмүр бою эркинен ажыратылган өзгөчө коркунучтуу кылмышкерлер болгондуктарын кечээги маалыматында билдиришкен.

"Алар кармалган учурда жана жаза мөөнөтүн өтөп жаткан учурда да өздөрүн агрессивдүү, тайманбай турган абалда көрсөтүшкөн. Тергөөчүлөрдү, кызматкерлерди, алардын үй-бүлөлөрүн өч алабыз деп коркутушкан. Кармалгандарды тарбиялоодо бардык мыйзамдуу ыкмалар колдонулган", – деп МЖАК билдирет.

# Сүлүктүдө 3 адам газга ууланып каза болду

Баткен облусунун Сүлүктү шаарында 2015-жылдын 20-октябрь күнү саат 16:20 чамасында «Матазим» ЖЧКна караштуу шахтада 3 адам газга ууланып, каза болду. Андан сырткары 2 адам жабыркаган. Бул тууралуу Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин басма сөз кызматынан Абдишарип Бекилов билдирди.

Жумушчулар шахтанын ичиндеги газга ууланып каза болгон. Шахтадан каза болгон жана жабыркаган жарандарды кызматкерлер өздөрү алып чыгып, Сүлүктү шаарынын ооруканасына жеткиришкен. Жабыркагандардын абалы оор болгондугуна байланыштуу алар жандандыруу бөлүмүнө жаткырылган. Ал эми каза болгондор өлүк сакталуучу жайга жаткырылып, соттук экспертиза жүргүзүлгөн. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин куткаруучулар тобу барып, шахтанын ичиндеги газдын абалын текшеришкен.

Каза болгондор:

1. Хамидов Камалжон Халикович, 1985-жылы туулган;
2. Разыков Ганижон Давранович, 1995-жылы туулган;
3. Сулайманов Шокир Сулайманович, 1983-жылы туулган.



## А.Замиров: "Чырды 38-мектептин окуучулары баштаган"

Мындай пикирин "Марал" радиосуна Ш.Сыдыков атындагы олимпиадалык резервдеги республикалык окуу жайдын 10-классынын окуучусу Азиз Замиров билдирди. Анын айтымында чырды биринчи 38-мектептин окуучулары баштаган. Ал билдиргендей, буга чейин алар диалогго келбей, спорт мектебинин 2-3 баласын бычактап салышкан. Ошондуктан алар ызаланып, эмне кыларын билишпей, натыйжада №38 мектептин терезелерин талкалап тынышкан.




Буга чейин айтылгандай спорт мектептин 47 окуучусу суракка алынып жаткан. Учурда ал иш аяктап, акыркы маалымттар боюнча 11-класстан 4, 10-класстан 3 окуучу жалпы 7 бала камакка алынды.

Окуянын себептерин териштирүү боюнча вице-премьер-министр Дамира Ниязалиева жетектеген мекемелер аралык комиссия түзүлдү.

## Жол кайгуул кызматы менен Кайгуул күзөт кызматы бириктирилет

Акыркы убакта Жол кайгуул кызматына карата наразычылыктар көп айтылып, мекеме катуу сынга алынууда. Ошондуктан министрлик Жол кайгуул кызматы менен коомдук тартипти көзөмөлдөгөн Кайгуул күзөт кызматын бириктирип, Кайгуул милиция деген жаңы универсалдуу кызмат түзүүдө. Бул тууралуу 20-октябрда өткөн Ички иштер органдарын реформалоого арналган кеңешменин жыйынында ИИМ жетекчиси Мелис Турганбаев билдирди.

«Көчөлөрдө жөө кыдырган Кайгуул күзөт кызматы автоматтарын колго алып, Жол кайгуул кызматы менен автоунааларда жүрүшөт. Буга чейин "Милициялар кеч келди, ишин так аткара албай калды" деген наразычылыктар көп болуп келген. Бүгүнкү күндө жогорудагыдай курам менен Бишкек шаардык ИИБинин алдында Жол кайгуул милициясы түзүлгөн. Ал кызмат башка түзүмдөргө караганда ыкчамдуулук, эффективдүүлүгү менен үлгү болуп, жакшы жыйынтыктарды көрсөтүп жатат. Бул ыкмаларды башка мамлекеттер да колдонуп келет. Мисалы казакстандык кесиптештер менен кеңешме өткөндө, эң жакшы жол экенин билдиришти», – дейт министр Турганбаев.

Учурда бул сунуш өкмөткө киргизилди. Долбоорду ишке ашыруу үчүн 6 млн доллар керектелет. Буга транспорт, gps-навигатор, камера сыяктуу керектүү жабдыктар алынат. Алгач Бишкек, Ош шаарлары жана Чүй облусунан башталып, кийинчерээк республикага жайылат. Каражат жагы чечилип, өкмөттөн макулдук берилсе келерки жылдын башынан тарта жаңы кызматты ишке киргизүү пландалууда.



# Кыргыз ааламдан куда күтө баштады



Кылымдар бою барқын сактап, очоктун ээси, үйдүн куту болуп келген кыргыз кыз-келиндеринин менталитети кылым жаңырган сайын кошо жаңылангандай. Кыргыз болуп түптөлүп, жер каймактагандан тарта кыргыз аялынын аброю бийик турган. Бирок кыргыз кыздарынын күйөөгө кетүүсү бүгүнкү күндөгүдөй талаш-тартыш жараткан эмес

Чет жерде эмгектенип күн өткөрүп келген кээ бир кыздарыбыз туура эмес жүрүм-туруму менен жалпы кыргыз кыздарынын намысына кара тамга түшүрдү. Акыркы убактарда чет жакка турмушка чыгып, бөлөк улуттун жараны менен бакытын байлагандар көп кездеше баштады. Бул туурасында коомчулукта байма-бай ар тараптуу пикирлер айтылып келген. Бирок азыр ал маселе басаңдап калган учурда Африка өлкөсүнүн Гана уруусунун жараны менен баш кошкон кыргыз кызынын кадамы талкууну кайра жандантты. Даниел Тего КРнын футбол боюнча курама командасында ойнойт. Жубайы Эльнура менен интернет аркылуу таанышып, бара-бара бири-бирине ынак болуп кетишкен. Жубайлар ортосундагы махабат аларды аруулап, таза, тунук сүйүү бири-бирине байлаганын айтууда.

### Меңди Мамазаирова, акын



Бир жагынан алып караганда жаман жагы, жаман көрүнүшү деле жок. Бирок ошол күйөө балдардын келип алып, Кыргызстанга катталып, бул жакта көбөйүп жатканы жагымсыз көрүнүш. Азыр мен билгендерден ондогон кыргыздын кыздары кытай, түрк, корейлерге турмушка чыгып, өлкөбүздү башка улуттар басып кетип жатканына каршымын. Бул жерде биринчиден, материалдык кызыкчылыктар болушу мүмкүн. Кандай болгон учурда да өзүбүздүн жигиттерге турмушка чыкса жакшы болор эле. Ал эми бул кыздарга: "Өзүбүздүн мекенибизди жат кылык-жоруктуу, жат үрп-адаттуу, жат идеялуу адамдарга бастырбагыла, өзүбүздүн тукумду бузбагыла" деп айтар элем. Кыргыздын тукуму илгертен бери келе жатат. Башка элдер менен өтө көп аралашпагандыктан, кыргыздын каны али таза. Ошондуктан кыздарга: "Материалдык байлыкка азгырылбагыла, ал силерге түбөлүктүү болуп бербейт, байлыктан аз убакыттын ичинде да айрылып калышыңар мүмкүн. Ал эми улут бул түбөлүк, ушуну ойлонгула. Акылыңарга келгиле" деп айтар элем. Башка улутка турмушка чыккан кыргыз кыздарына ата-энеси күнөөлүү. Себеби, алар кыздарын патриоттуулукка тарбиялаган жок. Ошондуктан балдарыбызга кенедейинен туура тарбия берип, патриоттуулукка кичинесинен үйрөтүү керек. Жигиттерибиз үйлөнүшсө, ал башка маселе, андай учурда кан алмашып, мыкты тукумдар жаралышы мүмкүн. Ал эми кыздарыбызга кыргыз жигиттеринен өтөрү жок.

### Абдышүкүр Нарматов, Кыргыз ислам университетинин ректору



Биринчиден, турмушка чыгуу, үйлөнүү – Аллахтын өкүмү. Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын саламы болсун): "Никелешүү менин сүннөтүм. Ким мындан баш тартса, ал менден эмес" деп айткан. Кыз бала дайым корголот, ал турмушка чыкканга чейин ата-энесинин көзөмөлүндө, камсыздоосунда болот. Ал эми турмуш кургандан кийин жолдошунун карамагына өтөт. Ошол кыз күйөөсүнө Аллах алдында аманат болуп берилет. Эми бул жерде үйлөнүүнүн шарттары бар. Ошол шарттарынын бири – теңдик. Теңдик дегенибиз – мусулмандын мусулманга тең болуусу. Бул жерде айта кетчү жагдай, Ислам динибизде жигиттерибиз "Ахлул китааб" (китеп ээлеринин) кыздарына үйлөнсө болот. Себеби биз Иса, Муса пайгамбарлардын динине да ишенебиз. Ошол эле кезде бала атага жазылып, анын тарбиясында чоңоёт. Ал эми мусулмандын кыздарын эч качан христианга, яхудийлерге, негизи эле башка дин өкүлдөрүнө турмушка чыгууга шариятыбыз тыюу салат, нике да жүрбөйт. Эгер бул ишти кыла турган болсо, Аллах алдында ошол кызды тарбиялаган ата-энеси, ошол кыздын өзү жооп берет. Эгер башка диндеги адам мусулман болуп, Ислам динин кабыл алса, анда ага нике жүрөт, турмушка чыкса болот. Себеби азирети Умар: "Чоочун уруулардан үйлөнгүлө, балдарыңардын күчтүү болушуна себеп болот" деп айтканы бар. Башка дини жок, христиан, яхудийлерге турмушка чыккандан көрө, Ислам динин кабыл алган жигитке турмушка чыкканы жакшы деп айтар элем. Мындай учурда «башка улуттагы жээндер көбөйөт» дегенден мурда канча балалуу болуп жатасың, ошону ойлон. Эгер кыргыздын санын көбөйткүң келсе, анда үй-бүлөнү пландаштырбай, Аллахтын беришинче балалуу бол, боюңдан алдырба, төрө. Алардын ырыскысынан коркпо, ырыскысы бар үчүн бул жарык дүйнөгө келип жатат.

### Иманбек Азизилла уулу, калемгер



Кыргыз эли кызды алаканга салып кадырлап, өзгөчө бапестеп, көзүнүн агы менен тең айланган. Күйөөсү аялы үчүн, атасы кызы үчүн, жигиттер эже же карындашы үчүн жанын садага чабышкан. Алсак, Курманжан Датка энебиздин уулу Камчыбек ак никелүү аялынын намысы үчүн өлүмгө тике турганын айтуу жетиштүү. Элибизде эри өлгөн аялды кароосуз таштабай, иниси алганы эмне деген камкордук. Азыркы ааламдашуу доорунун "шарапаты" менен каада-салттарыбыздын жана улуттук баалуулуктарыбыздын быт-чыты чыкты десем жаңылышпайм. Бүгүн мурда болбогон жараяндар болуп, бир беткей пикир айтуу оор болуп калды. Аптанын темасына айланган кара терилүү "күйөө бала" да ушунун мисалы. Өтмүшкө кайра үңүлүп көрсөк, кыргыз кызын эч качан өзү билип-көрбөгөн элге бербегенин көрөбүз. Мүмкүн болушунча жакыныраак жерден куда күтүшкөн. Себеби, жакшылык-жамандыкта катышып, тууганчылыгын үзгөн эмес. Ислам шарияты да мусулман болбогон башка улуттун жигитине кыз берүүгө тыюу салат. Айрымдар ак той менен башкаларга кыз берүүнү туура деп ойлошот экен. Жеке пикиримде, башка улутка "кыз узатуу" такыр туура эмес. Ансыз да алакандай элбиз, генибиз да күчтүү эмес. Көптөгөн улуттардын гени доминанттуулук кылып, "курама" үй-бүлөдөн эч качан кыргыз төрөлбөйт. Башка улуттардан "кудалаша" берсек, жүрүп-жүрүп кансыз геноцидге (тукум курутка) тушугарыбыз турган кеп.

### Бүбүсара Рыскулова “Сезим” кризистик борборунун жетекчиси



Биз демократиялуу өлкөдө жашап жатканыбызды унутпашыбыз керек. Көп учурда башка улутка турмушка чыгып жаткан кызды эле күнөөлөп жатып калабыз. Аларга жалаа жабуудан мурда ошол көрүнүштү терең алып карасак. Мындай көрүнүштөр советтик учурда да болгон. Бирок ал кезде аз гана кездешер эле. Азыр мындай окуялар байма-бай болуп жатканына күбөбүз. Буга технологиянын өнүгүшү себеп деп ойлойм. Азыр маалыматтын доору дегендей, адамдар бири-бири менен оңой байланыша алат. Жакын жерде болобу же жер шарынын аркы өйүзүндө болобу, айырмасы жок. Бул нормалдуу эле көрүнүш. Эгер экөө бири-бирин сүйүшүп, түшүнүшүп турса, эмнеге баш кошууга болбойт. Куру патриот, куру улутчул жигиттерге айтайын дегеним, ошол кыздарды шылдыңдап, намысына шек келтиргендин ордуна, акыл-насаатын айтып, кылган мамилесин өзгөртсө дейм. Кыргыз эркектерине караганда башка цивилизациялуу өлкөлөрдүн эркектеринин түшүнүгү кенен көрүнөт. Анткени биздин борборго башка улутка чыккан кыздар эмес, өзүбүздүн эле кыргызга чыккан кыздар көбүрөөк кайрылат. Албетте, башка улуттун салт-санаасы, менталитети да башкача болот. Кыз кетип жатканда ошол мүчүлүштүктөргө маани берип, терең ойлонуп, анан чечим чыгарышы керек деген ойдомун.

Бетти даярдагандар
АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА,
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Паракорлукту биздин кайдыгерлигибиз азыктандырат

Паракорлук саясат менен тыгыз байланышта. Элибиз да бул илдеттен жадап бүттү. Бул макалада коррупция, саясат жана журналистика жаатындагы кесипкөйлөрдүн ойлору берилди



ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### Паракорлук мамкызматкерлердин өмүрүн алууда

№50 тергөө абагындагы чуулгандуу окуя коомчулуктун баасын күтүп турат. Төрт мамлекеттик кызматкердин ажалына себеп болгон иште бери эле дегенде кылмыштуу шалаакылык бар. Маркумдардын туугандарынын сай-сөөгү сыздап турганына баарыбыз күбө болуудабыз. Алардын жакындары мындай коркунучтуу кылмышкерлердин абакта эркин жүрүшүнө курман болгондордон жогорку макамдагылар себепчи деп божомолдошууда.

Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын (ЖАМК) мурунку төрагалары "Азаттык" үналгысына берген маектеринде абак жайларында кандайдыр бир окуя же чыр-чатак чыкса, орто деңгээлдеги же төмөнкү тепкичтеги гана кызмат адамдары жоопко тартылат. Ал эми буга жол берген күнөөсү бар жетекчилер жоопкерчиликтен кутулуп кеткени өнөкөт адат. Алар абактагы камералардын жабылбаганын, кылмышкерлердин коридорлордо ээн-эркин жүргөнүн жашырбай эле айтып чыгышты. Жетекчилер "каралардын" чуу көтөрүүсүнөн улам кызмат ордуларынан ажырап калуусунан коркуп, кылмышкерлерден акчатыйын алып жатканын мурунку төрагалар айтып чыгышкан.

Учурда №50 тергөө абагындагы жагдайды иликтөөгө алган комиссия камерлар мыйзамсыз ачылган учурларды териштирүүгө киришти. Жаза аткаруу мекемеси өз кезегинде бул окуя боюнча кызматтык иликтөө башталганын жарыялаган. Абак жайларындагы мыйзамдуулукту көзөмөлдөгөн атайын прокуратура жакында шалаакылык беренеси боюнча кылмыш ишин козгогон.

ЖАМКтын мурунку төрагаларынын бири Совет Арбаев бардык абактарда видеокамералар орнотулганын жана аларды шаардагы Борбордук аппаратта отурган нөөмөтчүлөр да карап отурарын билдирген. №50 тергөө абагында окуя болордон эки жума мурун эле видеобайкагычтар иштебей калганы айтылууда. Демек, андай болсо, Борбордук аппараттын да шалаакылыкка катышы бар десек болот.

Бул окуянын аркасынан ЖАМКтын бир да жетекчиси өз кызматынан баш тарткан жок. Азыр Президент менен Өкмөт аппаратында, Коргоо кеңеши менен ЖАМКта күнөөлүүлөр аныкталууда. Эгер адаттагыдай майда чиновниктер күнөөлүү деп аныкталса, абактардагы каргашалуу окуялар улана берери турган иш.

### Сингапур биздей эле коррупциялашкан

Биздеги коррупциялык көрүнүштөрдү Сингапурдун коррупциясы менен салыштырганда бир топ окшоштуктар бар. Балким, азиялык менталитетибиздин тамырларынын бирдигинендир. Ли Куан Юнун айтымында, детутаттыкка талапкерлердин шайлоого сарптаган каражаттары Азия мамлекеттеринин азабына айланган. Шайлоого көп каражат короткон азиялык депутаттар каражаттарын кайтарып алуу үчүн түрдүү айла-амалдары менен шайлоочусун айраң-таң калтырышкан. Депутаттар өздөрүнүн мандатын гана актабастан, келерки шайлоого да каражат жыйнашы зарыл болгон. Мындай калыптанган система токтобостон учугун улап кете берген абалга жеткен. Партиялар бекиткен министрлер мандатка кеткен каражатты актоо үчүн дайындалып, өзүнүн партиясына тиешелүү тендерлерди утуп алууга милдеттендирилген. Бизге окшоп, айыл чарба багытындагы жерлерди карапайым элден ит бекер сатып алып, аларды өндүрүшкө колдонуу же шаарга кирген жерлер катары трансформация кылдыртып, бир күндө байып кеткен депутаттар чекеден чыккан.

Жупуну жашоону маңыз кылган кытайлыктардын коммунисттик идеологиясы да, кудайдан коркууну талап кылган Индонезия менен Малазиянын исламдык баалуулуктары да, улуттук кызыкчылыктарды сатпаш керек деген таиланддык чакырык да Азия өлкөлөрүнүн жетекчилеринин паракорлугуна тоскоол боло алган эмес. Кызыгы, демократиялык башкаруунун негизги өзгөчөлүгү болгон жалпыга маалымдоо каражаттары да коррупциялык схемалардын бир бөлүгүнө айланып, алар дагы паракорлук менен күрөшүүгө кепил болуп бере алган эмес.

Сингапур 1998-жылы «Трансparэнси интернэшнэл» (Transparency International) уюмунун рейтингинде дүйнөгү эң аз коррупциялашкан жети мамлекеттин ичине кире алган. Мындай жетишкендиктин бир нече себептери бар. Ли Куан Ю менен бирге Сингапурду оңдойм дегендерге саясий макам акча табуучу жайы эмес, руханий-интеллектуалдык өсүүнүн бир деңгээли катары каралган. Алардын өзүлөрү да, жубайлары да чиновник болбостон, жанын тың багып кете алышмак. Мамлекеттин аянычтуу абалына ичтери ачышкан жана аны оңдоп кете аларына көздөрү жеткен. Алар түрдүү корпорация, мамлекеттик же коомдук мекемелерди башкаруу тажрыйбалары бар жаштар эле.

1959-жылдын июнь айынан баштап бийликке келген Юнун партиясы биринчи күндөн баштап ар бир тыйынды эсепке алып, эч кимдин чөнтөгүн жылытпастан, тиешелүү жерине жетүүсүн камсыздашкан.

Коррупция менен күрөшүү бюросу бардык мүмкүнчүлүгүн ири паракорлорду кармоого жумшап, майда-барат жемкорлордун май-талканы уруксат жана лицензиялардын көбүн жокко чыгаруу аркылуу токтотулган. Уруксат кагаздарын алып салуу мүмкүн болбогон жерлерде алар жөнөкөй жана түшүнүктүү эрежелерге ылайык бериле баштаган.

Жемкордук жөнүндөгү мыйзамга олуттуу өзгөртүүлөр киргизилип, пара түшүнүгү кеңейтилип, анда баалуулугу бар бардык нерселер камтылган. Мындан сырткары маянасына сатып алуга мүмкүн болбогон, чиновникке тиешелүү унаа, үй, вилла жана башка нерселер анын паракорлугунун кыйыр далили катары карала баштаган.

Кызыктуусу, паракорлук канчалык системалашып, ага канчалык көп адам аралашкан болсо, аны менен күрөшүү жеңилирээк болгон. Мындай жемкорлуктун себептери аныкталып, бир-эки эреже киргизүү менен ал жоюлган. Бир ирет ишке ашкан чоң суммадагы паракорлукту таап, аны токтотуу кыйыныраак болчу. Мындай уникалдуу иштер Ли Куан Юнун өкмөтүнүн ар он жылдыгында бир ирет болуп келген. Бул паракорлордун иштери далилденгенде Куан Ю аларды дайыма ачыкка чыгарып ашкерелеген. Алардын дээрлик бардыгы анын эң жакын адамдары болгон. Бул жемкорлордун айрымдарынын өз өмүрлөрүн кыюусу алардын, жакындарынын каргышы да Юну тайсалдаткан эмес. Кызыгы, шайлоо убагында добуш бергендерге ар кандай жеңилдик кылуу менен, мисалы, шайлоо участокторуна элди ташуу менен күрөшүү максатында Ли мыйзам аркылуу добуш берүүнү милдеттүү кылган. Акыры майда жана ири жемкорлукту адатка айланткан сингапурлуктар коррупцияны коом үчүн негизги коркунуч катары кабыл ала башташкан.

Өз ишин мамлекетке кызмат кылуу деп эсептеген алгачкы муундун ордун жаш чиновниктер ээлей баштаганда Юнун демилгеси менен чиновниктердин маянасы көтөрүлгөн. Мамлекеттик кызматкер жеке менчик ишканада канча таба алгандай болсо, маянасы ошол акчанын жок эле дегенде 3/2синчелик суммага чейин жогорулатылган.

### Саясий эмес журналистика жок

Lenta.ru интернет сайтына белгилүү күчтүү журналист Владимир Познер маек куруп берген. Журналистиканын чебери: "Мен саясий эмес журналист дегенди түшүнбөйм. Эгер адам кино тууралуу макалаларды жазса, ал журналист эмес – киносынчы. Мен үчүн журналист коомдук-саясий маалымат менен алектенген адам. Ал өлкөдө эмне туура эмес болуп жаткандыгы жөнүндө коомчулук менен бийликти кабардар кылат. Журналист өзүнө тиешелүү аудиторияны чынчыл жана объективдүү маалымат менен камсыздайт. Журналист болуу эч качан оңой болгон эмес. Советтер Союзу маалындагыдай болбосо да, баары бир аябай оор. Бийлик түз болбосо да, кыйыр түрдө ЖМКларды көзөмөлдөп турат. Албетте, Сталиндин убагындай сени эч ким лагерге айдап же атып салбайт. Бирок жумушсуз калуун, түрдүү басымдын, керек болсо, физикалык басымдын алдында калуун мүмкүн. Жаш адамдар менден журналист болуу керекпи деп сурашканда, мен журналистикага барбагыла деп айтам. Журналист болом деген адам алдын-ала жакшылап ойлонуп алуусу керек. Мага көп адамдар келип, кылып жаткан ишим үчүн ыраазылыктарын билдиришет. Менин ишиме муктаждык бар экенин билем, бул нерсе мага кубат берип турат. Ошондуктан коомдо жакшы өзгөрүүлөр кечендеп жатса да үмүтсүздүккө кептелген жокмун. Мен тамчы ташты ээритерине ишенем. Сөздөрүмдү орто жана улгайыңкыларга караганда, 20-25 жаштагылар уккаты келишет. Демек, менин ишим мамлекеттин келечектеги багытын аныктагандардын көңүлүндө орун алып жатат" деген асыл ойлору менен бөлүшкөн.

Биздин гезитибизди зыярат кылган кыргыз журналистикасынын чебери Султан Жумагулов агай: "Журналистиканы оңой көрүп, бир адамдын, жалпы элдин убалына калбагыла. Убалга калгандардын оңбой калганын далай ирет көрдүм" дейт.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Антташкан арызчылар

Өткөн жумада 5-чакырылыш өз ишин жыйынтыктап, Жогорку Кеңештин сессиясынын расмий жабылышы болду. ЖКнын 5-чакырылышы кезекти кийинкилерге салтанаттуу түрдө өткөрүп бериши керек эле. Бирок, келе жаткан парламент мандат бөлүштүрүү жараянынын аягына чыга албай, ар тараптан чаң чыгышы бүгүнкү күнгө чейин уланууда, жада калса, мандат талашуунун аягы бүгүн сотко барып такалып отурат



## "Республика" кайра кош бойлуу окшойт

Шайлоого даярдык жана үгүт иштери бир тең, шайлоодон кийинки мандат бөлүштүрүү иши бир тең болуп калды окшойт. Дегеним, өткөн жумада "Республика – Ата-Журт" партиясынын кээ бир мүчөлөрү БШКнын алдына кадимкидей митингге чыккан. Сыныктан башкасы жугуштуу дегендей, журт "митингге чыкчу эл бүтүп, эми эл өкүлдөрү калды эле" деп, шылдыңга алып отурат. Чынында эле буга чейин берилген тизме менен акыркы өзгөртүлгөн тизменин айрымасы бир топ болуп калды. Айрымдар берилген тизмени жалпыга белгисиз себептер менен түп тамырынан бери өзгөртүп салган. Алсак, "Республика – Ата-Журт" партиясы талапкерлерди чыгаруу боюнча рекорд коюп, 70 талапкерди тизмеден ыргыткан. Атайын көздөгөн талапкерине өз добушун ыйгарып алып, эми аларды Ак Үйдөн күтүп жаткан эл өзү күткөнүн кайра таба албай, башы маң болбосо эле болду. Калк айтса, калп айтпайт. Шайлоо өнөктүгү башталганда эле парламентке илинген партиялардын тизмеси кескин өзгөрөрүн серепчилер байма-бай талдап, бул боюнча анчалык деле ойлонуп-толгонуунун кереги жоктугун айтып, муну башында эле макулдашып, пландалган иш экенин ырастап келишкен.

**Саясий серепчи Курманбек Осмоновдун** айткан пикири буга далил болсун.



– Акыркы тапта партиялык мафия абдан күчөп, бири-бирин мажбурлап, жадакалса, ант ичтирген экен. Бул мыйзамга каршы келген өтө одоно иш. Антсе да мындай жосундар мыйзамченемдүү көрүнүш болуп калды. Эл дагы, бийлик дагы буга ашкере таң калбаса керек. Парламентке өткөн партиялардын тизмеси баштагыдан башаламан болору мурда эле ачык көрүнүш болчу. Анткени, мындай жүрүштү партиялар башында эле мерчемдеп коюшкан.

"Эгер тиешелүү округдан тийиштүү добуш топтой албай калсам, өз эрким менен ордумду бошотуп берүүгө ант берем. Берген антымдан тайсам, Жараткан Кудайым урсун. Балдарымдын жакшылыгын көрбөй калайын" деген саптар өзүнчө көп кылууга арзыйт. Анткени, мындай антты "Республика – Ата-Журт" партиясынын ар бир мүчөсү партиянын биринчи курултайында эле берген. Текстин партиянын лидерлери жазып чыгышкан эле. Бирок берген антты унутта калтырып, жаакташып жаткан партиянын кээ бир мүчөлөрүн көрүп отуруп, бир мандат үчүн балдарынын жакшылыгынан садага чапканга даяр окшойт деген бүдөмүк ойлор эл арасында жүргөн кези.

Анткен менен **тизменин 37-орунунда келген Кантемир Мурзабеков** жана анын бир катар тарапташтарынын БШКнын алдына баруусуна мандат бөлүштүрүү процессинин жыйынтыгы түрткү болгон. Себеби, ал эч кандай ант берген дагы, партиянын тизмесинен чыгууга арызын жазган дагы эмес.

– Биздин округдан алты миң добуш болгон. Мен жетиштүү добуш алгам. Эч кимге эч кандай ант берип, кандайдыр бир нерсеге кол койгон эмесмин. Мен да башкача ант берген болсом, ошонун видеотасмасын мага көрсөтүп беришсин. Бизге дагы эл добуш берген. Биз ошол элдин добуштарын коргошубуз керек. Менин атыман эле бирөө келип, тизмеден чыгуу тууралуу арыз берип койгон болсо, мен өзүмдүн укугумду коргошум керекпи? Мыйзам боюнча арыз кол жазма түрүндө гана берилүүгө тийиш.

Партиялык мандаттан кол жууп, бармагын тиштеп турган дагы бир талапкер жигиттик макулдашууга тиешеси жоктой. Анткени саясатчы жигит эмес, айым болуп жатпайбы. Ал айым жазган арызы бурмаланып, өзүнүн макулдашуусуз эле Боршайкомго өткөрүлүп берилгени тууралуу "Республика – Ата-Журтту" сотко берген



Ал арада саясий биримдиктин башка өкүлдөрү партиялаштарынын кылган жоругуна таң калуу менен "эркекче" берген убадасына, жигиттик макулдашууга бекем туруп, оюндан "дым" дебей чыгып кетип, "эркек" экенин далилдешүүдө. **Мурдагы депутат Данияр Тербишалиев:**



– Мен тизмеде 94-болуп тургам, бирок мага бөлүнгөн округдан тиешелүү добуш ала алган жокмун. Башында берген убадама туруп, тизмеден чыгып кеттим. Жеке менин оюм боюнча нааразы болгон талапкерлер реформа үчүн эмес, мамлекеттин өнүгүүсү үчүн эмес, бир гана жеке өзүнүн кызыкчылыгы үчүн бул партияга келген адамдар. Булар бийлик үчүн жутунгандар. Мындай позициядагы адамдар эч качан мамлекетти өнүктүрө албайт" деп баса айтты.

Окуяга күбө болуп жаткан партия жетекчисинин бүгүн башы катып турса керек. Анткени, жогоруда антта айтылып жаткан тийиштүү добуштун саны 5 миң экен. Ал эми партияга 28 орун ыйгарылган болсо, 5 минден ашуун добушту 40ка чукул талапкер жыйнаптыр.



Ал эми партия башчысы Өмүрбек Бабановдун мындай саясаты тууралуу **ЖКнын экс депутаты Өмүрбек Абдрахманов** өзүнүн фейсбуктагы баракчасына Бабановго команда эмес, туугандары маанилүү деген пикирин билдирген:

– Бул Өмүрбек Бабановдун кезектеги ара жолго таштамай жоругу. Арбын добуш алгандары алигиче келе албай атышат. "Республика – Ата-Журттун" жетиштүү добуш топтой албаган 4 талапкери: Мирлан Жээнчороев (унаа базарынын администратору), Алтынай Өмүрбекова (Бишкектин вице-мэри), Калдар Баймуратов (Бабановдун күйөө баласы) булардын бири дагы тизмеден чыгуу тууралуу арызын жазбай жатышат. Бабанов күчтүү талапкерлерди эмес, көздөй кишилерин тандайт. Токтогулдан, Ош шаарынан, Ош облусунан жана Алайдан арбын добуш жыйнаган талапкерлер борттун сыртында калышты. Бабанов – "балабол" жана "алдар көсө" экенин далилдеди. Бабановго команда эмес, өзүнүн туугандары маанилүү!

Чырдын аягы дагы көп тамашалар менен коштолчудай өндөнөт. Партиянын мандаттан кол жууп, бармагын тиштеп турган дагы бир талапкери тууралуу кеп уласак. Жигиттик макулдашуу Аида Исмаиловага да тиешелүү эместей. Анткени, саясатчы жигит эмес, айым болуп жатпайбы. Эске салсак, аталган айым жазган арызы бурмаланып, өзүнүн макулдашуусуз эле Боршайкомго өткөрүлүп берилгени тууралуу "Республика – Ата-Журтту" сотко берген. Кандай болгон күндө да, документке жасалма кол коюу укуктук жактан жооп бере турчу иш. Демек, бул ишке БШК эле эмес, укук коргоо органдары өз баасын берери бышык болчу. Бирок аталган партия карап турган жок. "Партиянын аброюна шек келтирди" деп, саясатчы айымга тосмо арызын жазып, моралдык жабыркоо катары 10 млн. сом талап кылган.

## Президентти сотко бергенде

Шайлоонун эртеңи жакын арада тынчычудай эмес. Буга дагы бир кызык жагдай далил. Өз учурунда шайлоо күрөөсүн толук төгө албай шайлоо ишине катышуу укугунан ажыраган "Эгемен Кыргызстан" партиясы өлкө башчысын бир нече жылдан бери КСДП фракциясын колдоп, Конституциянын талаптары бузууда деп айыптап, партия лидери Бектур Асанов мындай арыз менен Бишкектеги райондор аралык сотко кайрылганын, бирок сот Асановдун арызын кароодон баш тартканын айта кетели. Канткен менен Асановдун тынчыгысы жок. Эми ал ошол арыз-муңу менен Жогорку Сотко даттанууну көздөөдө. Айта кетсек, Кыргызстандагы жарандык активисттер да учурунда президент Алмазбек Атамбаев шайлоо өнөктүгүндө бир партиянын кызыкчылыгын коргоодо деп сындашкан эле. Шайлоонун бүткөнүнө көп эле убакыт өтсө да, жүрүш жыйынтыкталып, өз нугуна түшө элек. Анын айланасындагы чыр качан аягына чыгып, кайсы бурчка такалары белгисиз. Журт нагыз тамашага эми күбө болот окшойт.



# Кыргыз коомундагы “жаңы маданияттар”

Замандын өзгөрүшү менен коомубузга батыш жаңы маданияты агылып кирип, адамдарга таасирин тийгизүүдө. Улуу муун илгертеден келе жаткан салт-саналарды сактаганга аракет кылып, жаңыны кабыл алуудан баш тартса, жаштарыбыз жаңылыктарга кызыгып, субмаданияттардын мүчөсү боло башташты

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Көздөрүн бадырайта капкара кылып боёп, чачтары тараганга мүмкүн эместей тике тургузулган, кара түстөгү самсаалак кийимдерди кийген, же болбосо денесинин бир канча жери темир-тезек менен тешилген, жүзүн толугу менен узун көкүлү жапкан, депрессияга тушуккан өңдүү адамды жолдон жолуктуруп калгандар аны башка планетадан учуп келген сыяктуу карашат. Бирок, бул коомубузга жаңыдан кирген субмаданият өкүлүнүн бир мүчөсү.

Кыргыз коомунда жаңыдан калыптанып келе жаткан субмаданият жаштар арасында акырындык менен өсүп, популярдуулукка жетише алды. Илгери коомубузда бир гана кыргыз каада-салты болсо, азыркы тапта батыштан агылып кирген бир канча кичи маданият орун алып, дээрлик жаштардын баарын өз боюна тартты.

Субмаданият деген өзү эмне экенине кененирээк токтоло кетсек. Жалгыз турган мономаданиятта кандайдыр бир жылчык пайда болуп, башка жаңы нерсеге орун бошойт. Мындай процесс коомдо эски каада-салт адамдарга жаңы нерсени бере албай калганда келип чыгат. Салттуу маданият социалдык жашоого толугу менен ээ боло албай, сырткы күчтөрдүн таасирине көз карандылык пайда болот. Ал сырткы күч жогоруда пайда болгон бош орунду ээлеп алган учурда, субмаданият ортого чыга келет.

Кыргыз коомунда айтылуу маданияттын бардык түрү орун албаса да, бир канчасы жаштар арасында кеңири пайдаланылып, модага айланган. Алардын айрымдарына токтоло кетсек.

## Граффитти

Дубалдарга тартылуучу сүрөт искусствосу. Тактап айтканда, сүрөт аркылуу кандайдыр бир ойду берүү же айтуу дегенди билдирет. Көбүнчө жер төлөлөрдүн, станциялардын, бош калган имараттардын дубалдарында тартылып келет.

"Basicolors" арт демилгесинин өкүлү Виктор Цой: “граффити сүрөттөрүнөн улам Европа Кыргызстанды өнүккөн мамлекет катары тааныйт” дейт. “Биздин демилгенин негизги максаты граффити маданиятын заманбап искусствонун бир бөлүгү катары ар тараптан өнүктүрүү, жалпыга түшүнүктүү кылуу, жаштардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу жана аларга колдоо көрсөтүү менен бирге көчө сүрөтчүлөрүнө болгон көз карашты өзгөртүү. Ошондой эле борбор калаабыздын сырткы көрүнүшүн эстетикалык жактан жакшыртуу болуп саналат. Биз жаш сүрөтчүлөр жана таланттуу балдар менен активдүү иш алып барабыз. Булардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу үчүн ар кандай конкурс, фестиваль жана арт кечелерин өткөзөбүз. Өзүм 15 жылдан бери граффити тартам. Граффити сенде болгон креативдүүлүктү арттырууга мүмкүнчүлүк берет. Легалдуу граффити биздин шаарды заманбап кылып көрсөтөт. Себеби азыркы учурда ар бир өнүккөн мегаполисте бул искусство негизги ролду ойнойт. Ар бир мамлекетте граффитти тартуу үчүн атайын жайлар бөлүнүп берилет. Биздин шаар да ошолордун катарына кирет. Бизде болуп жаткан фестивалдардан улам, Европа бизди заманбап шаар катары билет. Шаар тургундары дагы биздин жумушка колдоо көрсөтүп турат. Себеби биз тарткан сүрөттөр, шаарыбызды көрктөндүрүп, көрүүчүлөргө жакшы маанай тартуулайт. Биздин кылып жаткан иш аракетибиз, мыйзамды бузбагандыктан, тартип сакчылары менен мамилебиз жакшы. Бизге граффити тартууну каалаган жаштар көп кайрылат. Аларга практика кылуу керек деп гана кеңеш беребиз. Ошондой эле сүрөттү легалдуу түрдө тартуу керек экенин ар бир жаңыдан үйрөнүп жаткан граффити сүрөтчүсүнө түшүндүрөбүз. Мыйзамдуу түрдө сүрөт тартсаң, сенин жасаган эмгектериң көпкө сакталат жана дагы сүрөтчү катары ээн-эркин өнүгө аласың” дейт сүрөтчү.

## Байкерлер

Мотоцикл айдоону сүйгөн адамдар. Трасса, ылдамдык, адреналинди тартуулаган айтылуу маданият Кыргызстанда акырындап өнүгүп келе жатканына карабастан, 500гө жакын өкүлү бар . Кыргызстандагы байкерлер коомунун башкаруучусу Аскат Сеитбековдун айтымында: “Байкерлердин арасынан банкирлерди, экономисттерди, чиновниктерди, прогаммисттерди, ГАИ кызматкерлерин жана чоң фирмалардын ээлерин, кала берсе, авто оңдоочу усталарды, электр усталарды, “Дордой” базарынын сатуучуларын да кездештирүүгө болот.

Мотоцикл айдаганыма 5 жыл болду. Бирок мотоцикл айдоону жылдап эмес, сезондоп санайт. Бир сезонго жаздын, күздүн жылуу айлары жана бүтүндөй жай мезгили кирет. Ошону менен мотоциклди айдаганыма 5 сезон болду. Мурунтан эле байкер болгум келчү. Бирок шарт болгон эмес. Шарт болгондо мотоцикл сатып алдым. Негизинен Кыргызстанда байкерлер аз. Алардын 300дөйү Бишкек шаарында турушат. Шаар ичинде айдагандардын саны 50-100дүн тегерегинде. Алардын ичинен Ысык-Көлдү көздөй демалыш күндөрү кеткендер, Бишкектен Орто-Токой, Токтогул суу сактагычына баргандар бар. Кээ бир байкерлер тоолордо гана айдашат. Ошондуктан, көчөдөн көп көрө албайсыздар”.

Ошондой эле Аскат Сеитбеков: “Кыргыз коому Америка кинолорунан көргөн байкерлер жөнүндөгү жаман стреотиптерден улам, Кыргызстандагы байкерлер да ошол сыяктуу деп ойлогондору туура эмес” деген пикирин айтат. Байкерлер коомунун өкүлдөрү саясатка кийлигишпөө керек деген ырым-жырымды бийик карманарын да кошумчалай кетти.



## Хип-хоп маданияты

Шаардык жаштар арасында кеңири тараган бул маданият ой-кыялды реп ырдоо, бийлөө аркылуу жеткирет. Айтылуу маданияттын өкүлдөрү эл көп чогулган ачык жерлерде таймашышып, өздөрүнүн өнөрүн көрсөтүшөт. Хип-хоп маданиятынын ичинен брейк бийи менен 3 жылдан бери машыгып келе жаткан 19 жаштагы Айбек: “Бий менин жашоом. Алгач мектептерде, концерттерде кыргыз бийин бийлеп жүргөм. Кийин америка кинолорун, андагы адамдардын бийге берилгендиктерин көрүп хип-хипко болгон кызыгуум күчөдү. Бийди атайын курстарга барып үйрөндүм. Азыр өзүм эле интернеттен ар кайсы кыймылдарды карап, бийлей берем. Кыргызстанда түрдүү хип-хоп бий фестивалдары болуп турат, аларга катышам. Жыл сайын катышуучулардын саны да көбөйүп келет. Брейк бийин бийлөө менин хоббим катары калат, келечекте хирург болом,” дейт.


## Футбол күйөрмандары

Тактап айтканда, футбол фанаттары. Кыргызстанда субмаданияттардын ичинен эң кеңири тараган түрү. Бул маданият өкүлдөрүн жакында эле өткөн, Кыргызстан курама командасы менен Тажикстан курама командасынын беттешиндеги күйөрмандардан улам байкасак болот. Тарыхы алыскы 1930-жылдарга барып такалат. Өкүлдөрү кайсы командага жан тартып жатканын кийген кийим, эмблема, ураан аркылуу көрсөтөт. Фанаттар өздөрүн эмоцияга көп алдыргандыктан, араларында зомбулук, кыйратуу, урушуу, сөгүшүү сыяктуу көрүнүштөр көп кездешет.

Кыргызстан футбол күйөрмандарынан өлкөбүздөгү футбол федерациясы көп кыйынчылыктарга учурап келет: “Жакында болуп өткөн оюн алдында стадионду толугу менен оңдоп түзөөдөн өткөрүп, күйөрмандарга бардык шарттарды түзүп бергенбиз. Бирок матч бүткөндөн кийин, спорт аянтынын көрүнүшү жан кейитерлик абалга кептелди. Баары бузулуп, талкаланып, жалпысынан 250 отургуч жарактан чыкты” деп маалымдады Кыргызстан футбол федерациясы. Ошондой эле жай айында болуп өткөн Кыргызстан-Австралия матчында күйөрмандар оюн талаасына батпай жана стадионго чуркап чыкканы, файерлерди аттырганы үчүн ФИФА федерацияга 28 миң доллар өлчөмүндө айыппул салган.

Адам ар дайым алдыга кадам таштап, жаңы нерсени үйрөнүп, ага умтулганы жакшы көрүнүш. Бирок, ошол жаңы нерсени өздөштүрүүнү каалаган адамдар адегенде өз маданиятын коюп, экинчи маданиятты жогорудагы каармандар сыяктуу хобби катары чеги менен кабыл алса, коомубузда ар дайым туруктуулук болот.





# Н.Атабаев: “Доллардын баркын өзүбүз көтөрүп жатабыз”

Өлкөдө сомго болгон ишенич жок болгондуктан, алып-сатуулар доллар менен жүргүзүлөт. Сомго болгон талап азайгандыгы үчүн баардык нерсе долларга өтүп кеткен. Доллардын кыргыз экономикасына тийгизген таасири жана Американын Федералдык резервдик системасы тууралуу Ататүрк-Алатоо эл аралык университетинин финансы факультетинин деканы, экономика илимдеринин кандидаты Нурлан Атабаев маек куруп берди



**– Сурамжылоолорго таянсак, калк арасында Федералдык резервдик система боюнча түшүнүк аз экен. Бул боюнча кененирээк маалымат берип өтөсүзбү?**



– Федералдык резерв системасы деп аты айтып жаткандай эле бир система. АКШда бири-бирине баш ийбеген 12 банк бар. Алар ар кимиси өздөрүнүн тармактарында иш алып барышат, бирок бири-бири менен сүйлөшүп бир пикирге келип турушат. Федералдуык резерв системасы 1913-жылы түзүлгөн. Бул банктар менчик, бирок мамлекет тарабынан алардын үстүнөн көзөмөл бар. 12 банктын акчалары да ар түрдүү болот. Мисалы 1 долларлык банкнотадан 2-3тү алып жакшылап карап көрсөк, четиндеги тегерек символдун ичине анын чыккан аймагы жазылып турат. АКШда акчалардын 97 пайызы банктык системанын ичинде жүгүртүлүп, 3 пайызы гана накталай кагаз акча катары жүргүзүлөт. Эгерде башка аймактагы банктын акчасы экинчи аймактагы банкка өтүп кетсе, алар ал акчаны чыгарып кайра ошол банкка беришет. Бул система АКШда аябай калыптанган. Мындан улам, АКШнын 50 штатынын инфляциясы ар түрдүү болот. Доллардын эки түрү бар: Американын ичинде иштеген доллар, анан сыртында жүгүртүлгөн евро доллар. Мисалы башка өлкөлөрдөн барган долларларды алар банктык системадан чыгарып коюшат. Ар бир доллардын номерине карап, качан чыккан, кайсы өлкөгө жөнөтүлгөндүгүн билишет. Башка өлкөдөн келген долларлык банкноталарды сорттоп, АКШнын ичинде тегеренүүдөн чыгарып коёт. Мындай кылбаса аларда инфляция жогору болуп кетиши мүмкүн.

**– Кыргызстанда жүгүртүүдө болгон доллардын санын билүүгө мүмкүнбү?**

– Бизде жүгүртүүдө жүргөн доллардын каттоосу жок. Канча доллар жүгүртүүдө экендигин эч ким так айта албайт. Расмий маалымат булактары болсо, банктарда турган долларлардын санын гана айтат. Учурда банктардагы доллардын саны өлкөдөгү акчалардын 40%ын түзөт. Бул расмий маалымат, эгер бейрасмий булактарга таянсак, анда бул көрсөткүч 70%га чейин жетет. Анткени, биздеги ири алып-сатуулар көбүнчө доллар менен жүргүзүлөт.

**– Эмне үчүн Кыргызстанда алып-сатуулар доллар аркылуу жүрөт? Мисалы айылдагы чабан да мал-жандыктарынын баасын доллардын курсуна жараша бычат. Бул психикага байланыштуу көнүмүш адатпы же мыйзам ченемдүү эле көрүнүшпү?**

– Бизде сомго болгон ишенич жок болгондуктан, алып-сатуулар доллар менен жүргүзүлөт. Сомго болгон талап азайгандыгы үчүн баардык нерсе долларга өтүп кеткен. Мисалы үйдү сом менен сатып алсак, анын арзан же кымбат экендигин биле албайбыз. Аны биз долларга айлантып туруп, анан арзан же кымбат деп чечим чыгарабыз. Бул көрүнүш аябай жаман. Анткени доллардын саны өлкөдө канчалык көбөйсө, Улуттук банктын акча-кредит саясатынын эффективдүүлүгү ошончолук даражага төмөндөйт. Учурда жүгүртүлгөн жалпы акчалык массанын 70%ын доллар түзсө, демек улуттук валюта 30%га гана иштетилет деген тыянак чыгара алабыз.

**– Кээ бир экономисттер сомду колдонуудан баш тартып, биротоло долларга өтүп алууну сунуштаган эле. Бул өлкө экономикасына канчалык пайдалуу?**

– Биз башка өлкө чыгарган валюта менен акча-кредит саясатыбызды жүргүзө албайбыз. Экинчиден акча басып чыгаруудан түшкөн пайдадан кур калабыз. Мисалы биз 5 миң сомдук купюра чыгарсак, анын баасы 5 сом болсо, калган пайда Улуттук банкта калат. Ал эми 100 доллардын баасы 1 доллар болсо, калган 99 доллар АКШнын пайдасына болот. Ошол үчүн өзүбүздүн валютабыз болгону жакшы. Аны пайдаланып, сактай турган система түзүшүбүз керек.

# Картошканы эми "Кыргызстан" комбайны казат

Кыргыздын кыраандары бабадыйкандарга картошка жыйнаган комбайнды чыгарып, ишке берип отурат. Даут Эгембердиев аттуу уста эки уулу жана иниси менен бул комбайнды 2 жарым айда бүтүргөн. Уста бул комплекстин тетиктеринин көпчүлүгүн Кыргызстандан таап, айрымдарын колго жасап, айрымдарын Беларуссиядан алып келген. Ал комбайны тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: “Мамлекет же жеке ишкерлер тарабынан финансылык колдоо болсо эле мындай комбайнды сериалык нукта чыгара алабыз. Буга иш тажрыйбабыз жетиштүү. Ошондой эле биз менен бирге ар кайсы тетиктерин ыкчам жасап бере алчу иштин көзүн билген жигиттер да бар Эгер бул ишке мамлекет же жеке ишкерлер көмөк көрсөтсө, түшүмдү мол алып, экспорт өсүп, ЕАЕБге мүчө өлкөлөрдүн арасында кадыр-баркыбыз көтөрүлөрү да бышык”.

Даут мырзанын уулу Жолдошбек ЖОЖду айыл чарба техникалары адистигинде аяктаган. Ал да айыл чарбаны өнүктүрүү үчүн, биринчи кезекте техникаларды ойлоп табуу керектигин айтып, башкы максаты элге пайдалуу комбайнды иштеп чыгуу экендигин маалымдады. Ал: “Биринчи кезекте техникаларды оңдошубуз керек. Алар оңолмоюн түшүмдүн санын да, сапатын да көтөрө албайбыз. Ушинтип жүрө берсек, убакыттан да түшүмдөн да уттурабыз” дейт.

Буга чейин кетмен көтөрүп келген дыйкандарыбызга түшүм топтоо кыйла жеңилдегени турат. Анткени, кыргыздын тапкычтыгын далилдеген “Кыргызстан” аталышындагы комбайн 1 күндө 2 гектар жерден түшүм чогултканга жетише алат. Түшүм топтоочу бункерине 1,5-2 тонна картошка топтоп, жүк ташуучу унаага өзү төгүп берет. Мурда ашар жолу менен бүтүп келген иштерди эми болгону 3 эле адам аткарат. Бирөөсү трактор айдаса, калган экөө комбайндын үстүнө чыгып, сеткага батпай калган топурактарды ыргытып турат.

Комбайнды жасоодо эч кимден жардам сурабай, өз чөнтөгүнөн жалпысынан 7000 доллардын тегерегинде акча сарптаган Даут завод ачып, айыл-чарбаны өнүктүрүүгө салым кошууга кызыкдар экенин да маалымдады. ЕАЭБге кирдик деп эле ошол бойдон караңгыда жол таппай калгансып туруп калган учурда, мындай аракеттер бизди алдыга сүрөрүнө талаш жок. Анткени айылчарбаны өнүктүрөм десең, биринчи кезекте техниканы өнүктүрүшүң зарыл Эгер финансылык колдоо болсо Даут Эгембердиев жардамчылары менен бирге жылына 50-100 даана комбайн чыгара алат. “Кыргызстан” аталышындагы картошка казып алчу




комбайн уста туулуп-өскөн Чоң-Алай районунда сыноодон өтмөкчү.

Эске сала кетсек, өткөн жылы да “Тулпар-Карагер” аталышындагы темир аргымак чыгып, баарыбызды кубанткан. Эми биздин бул табылгаларыбыз гаража чаң басып турup калбай, эл үчүн кызмат кылып, атыбызды дүйнөгө чыгарса экен деген үмүттөбүз.

# Газпром ар бир көчөгө газ жеткирет

“Газпром-Кыргызстан” ишканасынын инвестициялык программасынын негизинде түзүлгөн. 2017-жылга чейинки иш-чаралары тууралуу аталган мекеменин башкы директорунун жардамчысы Арзымат Алдаяров төмөнкүлөрдү кабарлады: “Газпром-Кыргызстан” ишканасынын инвестициялык программасы боюнча 2017-жылга чейин 22 конуш газ менен камсыз болот. Ишкана тарабынан газ түтүктөрү ар бир көчөгө тартылып, үйдүн ичине киргизүү кардарлардын өздөрүнүн каражаты менен ишке ашат. “Кыргызгаз” компаниясынан калган газ түтүктөрү 1950-60-жылдардан бери иштеп, алардын 60%ы начар абалда болчу. Учурда газ транспорттук системасын жаңыртуу иштери жүрүп жатат. “Газпром-Кыргызстан” компаниясы 2019-жылга чейин 1400-1500 км жаңы магистралдык көчөгө газ түтүктөрүн кийирет. 2016-жылы жаңы компрессордук станция курула баштайт. 2019-жылга чейин 10 чоң газ бөлүүчү станция куруу боюнча долбоор каралган. Чүй облусунда 2019-жылга чейин 42 айылга газ түтүгү киргизилет.



Бетти даярдаган ЧОЛПОНАЙ ЛАТЫПЖАН КЫЗЫ

# Бедени дүйнөнүн 33 өлкөсү ракты дарылоодо колдонушат



Мурунку санныбызда "Чөп-чарларды колдонсо болобу?" деген суроого жооп издеп? маалымат бергенбиз. Ал эми бул санныбызда өзүңүздөргө убада кылгандай кайсы чөп кандай ооруга дары экендиги тууралуукеп кылмакчыбыз

## ЧАЛКАН

Чалкан ондогон ооруга даба болуп эсептелет. Ал эми жазында даяр витаминдин ордун алмаштыра алат. Чалкандын курамы пайдалуу заттарга бай. Тактап айтсак, К, С витаминдери, каротин (табигый пигмент), темир тузу, калий, кальций, күкүрт, кант, белокторду өз ичине камтыйт.



### Эмнелерге дары?

Чалкан кандын уюу деңгээлин жогорулатып, гемоглобиндин санын көбөйтөт жана кандагы кантты азайтат. Мындан тышкары заара кубалоочу, жараны бат айыктыруучу, организмди чыңдоочу касиетке ээ. Кан агууну токтотууда, анемияда, атеросклероздо, бөйрөк, табарсык, боор, өт ооруларында, геморройдо, кургак учукта колдонулат.

### Колдонулушу

– Жүрөктүн жакшы иштеши үчүн чалкандын кайнатмасын бал же кант менен ичүү керек. Кайнатма төмөнкүдөй даярдалат: чалкан гүлдөй турган мезгилде сабактын эң башын жана жалбырактарын кесип алып кургатуу зарыл. Кургатылганынан 5 аш кашык алынып, үстүнө 500 грамм суу куюлуп, жай отко кайнатылат. Анан 100 граммдан 4 маал ичилет.

– Ашказан оорусунда, кусуу өнөкөткө айланган учурда төмөнкүдөй рецепт сунушталат: 1 чай кашык чалкандын кургатылган тамырын 200 грамм сүттө кайнатуу зарыл. 25 граммы ысык бойдон, калганы ар бир саатта 2 аш кашыктан ичилет. Дарылануу курсу оору белгилери кетмейинче узартылат.

– Бөйрөктүн жакшы иштеши үчүн чалкандын 1 чай кашык кургатылган жалбырагы 200 грамм сууга кайнатылып ичилет.

– Чачты өстүрүү же чачтын түбүн бекемдөө үчүн чалкандын тундурмасын чачтын түбүнө сүртүүгө же тундурма менен чачты жууганга болот. Тундурма үчүн кургатылган жалбырагынан 2–3 аш кашык алып, үстүнө 400–600 грамм кайнак суу куюп, 6–8 саат демдөө керек. Сүзүп алып колдоно берүүгө болот.

### Чалкандан салаттар

Жалбырагын жууп, ачуу даамы кетиши үчүн 30 мүнөт муздак, туздуу сууга чылап коюу зарыл. Анан жалбырактарды туурап, түрдүү тамак менен жесе болот.

### Жаңгак кошулган салат

**Керектүүлөр:** чалкандын жаш жалбырактары, 25 грамм жаңгак, 20 грамм петрушка, көк пияз, 1 чай кашык уксус.

**Даярдоо:** Жалбырактарды 5 мүнөт кайнак сууга салуу кажет. Анан чыгарып алып, майдалап тууроо керек. Үстүнө уксусту, майдаланган жаңгак менен тууралган пиязды, петрушканы кошуп аралаштырабыз. Салат даяр.

### Алма, жаңгак кошулган салат

**Керектүүлөр:** 125 грамм жаш чалкан, 1 даана алма, 1 аш кашык майдаланган жаңгак, 1 чай кашык өсүмдүк майы, 1 аш кашык лимон ширеси, 1 аш кашык бал, бир чымчым туз.

**Даярдоо:** Майды, лимон ширесин, балды, тузду аралаштырсак, соус даяр. Жаңы үзүлгөн жалбырактарды муздак сууга жууп, майда туурап, үстүнө соус куябыз. Тууралган алманы, жаңгакты кошсок, салат даяр.

Жаш жалбырагы жана жаш бутактарынан орустун щиси даярдалат. Кавказ эли жаш бутактарын туздап, кышта эттен даярдалчу тамактарга татымал катары кошушат.

## КААКЫМ

Каакым дарылыктан тышкары салатка колдонулат. Ал эми куурулган тамырынан кофе кылса болот.



### Каакымдын дарылыгы

Каакымдан жасалган дарылар боордун өнөкөт оорусунда жана бөйрөктүн сезгенүүсүндө колдонулат. Ошондой эле холециститте, боордун циррозунда, шишиктерде, муун оорусунда жана башкаларда пайдаланылат. Каакымдын жалбырагынын курамында каротин, С витамини, никотин кислотасы, кальций, калий, марганец, темир, фосфор бар.

Каакымдын кургатылган жалбырагы табитти ачуучу, өт кубалоочу, ич катканда колдонулуучу каражат катары пайдаланылат. Бул үчүн кургатылган каакымдан 2 аш кашык алып, термоско салабыз. Үстүнө 400 грамм кайнак суу куюп, таң атканча демдеп коёбуз. Анан күнүгө 3 маал тамактан 30 мүнөт мурда иче берсе болот.

Каакымдын ширеси – сергитүүчү, иммунитетти чыңдоочу каражат. Жалбырагы менен тамырынан алынган ширесинин үстүнө сабиз менен түрптүн ширесин кошуп пайдаланса, омуртка, бут, кол, башкача айтканда, сөөк ооруларын айыктырууга жардам берет.

Шире май-июнь айларында каакымды эт тарткычтан өткөрүү аркылуу алынат. Каакымдын ачуу даамын кетирүү үчүн алгач аны муздак туздуу сууга чылап коюу керек (30 мүнөт). Ширени дарылык үчүн күнүгө 25 граммдан узак убакыт ичүү кажет.

Каакымдын тамырын апрель, май айларында чогултууга болот. Казып алган соң жууп, чоң тамырларды майдалоо, анан матага салып, илип коюу кажет. Аба ырайы жакшы болсо, тамыр 10–15 күндө кургайт. Эгер тамырды эрте чогултуп алса, анда кургаган тамыр жеңил тартып, сырткы кабыгы ажырап калат. Мындай тамыр дарылыкка жарабайт.

Тамырдын кайнатмасы. 2 аш кашык майдаланган тамырга 200 грамм кайнак суу куюлат. Жай отко 15 мүнөт кайнатылып, 4 саат демделет. Күнүгө 70 граммдан 3 маал ичүү кажет.

Кайнатманы жогоруда айтылган оорулардын бардыгында колдонууга болот.

Кайсы ооруларда колдонууга болбойт? Каакымды ашказан жарасында, гастритте, өт жолдорунун катуу сезгенүүсүндө колдонууга болбойт.

### Салаттар

Каакымдын жалбырагын туздалган муздак сууга салып, анан майда туурап, салат кылып жесе болот.

### Талаа чөптөрүнөн салат

Жуулуп, майдаланган беде, чалкан, каакым, ат кулактын (щавель) ар биринен 100 граммдан алып, үстүнө 2 аш кашык зайтун майын, 1 аш кашык шарап уксусун кошуу керек. Үстүнө 50 грамм пияз, 1 аш кашык горчица кошсо, салат даяр.

## БЕДЕ

Курамында витаминдер, микроэлементтер көп. Андыктан дарылык, энергетикалык пайдасы чоң.



### Беденин курамы

Химиялык курамы алып карасак, 77,1 пайызы суу, 3,8 пайызы протеин, 0,8и майдан жана башкалардан турат.

Дарылыгы эмнеде? Гүлүндө жана жалбырагында салицил кислотасы, эфир майы, чайыр жана С, Е витамини, магний, жез, кальций, хром, темир, фосфор сыяктуу керектүү заттар бар. Беденин гүлү менен жалбырагын жаздан баштап кеч күзгө чейин чогулта берсе болот.

### Колдонулушу

Бедеден жасалган дарылар гепатит, монокулез (боорду жана көк боорду жабыр тарттыруучу оору) сыяктуу жугуштуу ооруларды айыктырууда колдонулат. Кызыл беденин гүлү какырык чыгаруучу, заара кубалоочу, тердетүүчү, сезгенүүгө каршы касиетке да ээ. Аз кандуулукта, суук тийгенде, калтыратмада, кызыл жүгүрүктө да пайдаланылат. Теринин псориаз, экзема ооруларын, ревматоиддүү артритти жана бронхитти айыктырууда да жардамы чоң. Өттүн жана ичегинин иштешин жакшыртат.

### Оорулар үчүн кайнатма

Идишке беденин кургатылган жалбырагы менен гүлүнөн 20 грамм салынып, үстүнө 200 грамм кайнаган суу куюлат. Анан бул идишти ичинде ысык суусу бар башка идишке салып, 15 мүнөт кайнатуу зарыл. Сүзүп алып, бир күндө 70 граммдан 2–3 маал, тамактан мурун ичүү керек.

Суук тийгенге каршы тундурма. Кызыл беденин 400 грамм кургатылган гүлү менен жалбырагынын үстүнө 1 литр кайнак суу куюлуп, демделет. Сүзүп алып бир күндө 2–3 маал, бир уурттамдан иче берүүгө болот.

### Беде азык катары

Беденин жаш жалбырактарын шпинат ордуна салатка колдонууга болот.

–Кургатылган жалбырагы нан бышырууда, соус даярдоодо пайдаланылып, сыр менен быштакка кошулат.

–Жаш бедени кыркып алып жууп, кадимки манты менен оромонун фаршына кошууга да болот.

–Бедеден жана сабизден жасалган салат. Беденин жалбырагы жуулуп, тууралат. Үстүнө сүргүчтөн өткөрүлгөн 100 грамм сабиз, сууга бышкан 100 грамм картошка менен 1 жумуртка кошулат. Майонез же каймак кошуп аралаштырсаңыз, салат даяр.

Урматтуу окурман, жазылган ар бир кеңеш сиздерге пайдалуу болсун деп тилейбиз.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# С.Жумагулов: “Экстремист журналисттин оңгонун көрбөдүм”



Саресеп гезитин зыярат кылган Султан Жумагулов агабыз кыргыз журналистикасынын азыркы абалы жана келечекте кандай болушу керектиги тууралуу ойлору менен бөлүштү

### Азыр гезиттер чоң атаандаштыкта иштеп жатышат

Азыр кыргыз журналистикасында билимдүү жана жаңы тарбия алгысы келген жаштардын өсүп келе жатканы жакшы нерсе. Журналистика жана анын талаптары да өзгөрүп жатат. Себеби, элибиз өзгөрүүгө ну талап кылууда. Журналистика таптакыр башка мүнөзгө ээ болуп калды. Мисалы, 90-жылдарга салыштырууу мүмкүн эмес. Ал убакта эки-үч эле гезит өз билгенин кылчу. Азыр аябай чоң атаандаштык шартта иштеп жатасыңар. Газета бул чыгармачылык жана маалымат берүү үчүн гана эмес. Бул деген товар. Силер ошол товарды сатып, элди да, окурмандарды да өзүңөргө тартып, өзүңөрдүн жашооңорду жакшыртып, ошол эле убакта элге туура маалыматты жеткирүүңөр керек.

### Мыйзам боюнча караганда көп гезиттер кылтакка илинди

Гезиттерде кандай мыйзам бузуулар бар? Ушулар боюнча карап чыктык. Бул анализден кийин көп гезит кылтакка илингени көрүндү. Алардын чыгарган ар бир санында каталар бар экенин көрүүгө болот. Эгер чындап келсе кээ бир гезитти он чакты жерине байланыштуу сотко берип утуп алса болот. Анан биз өз билгенибизче сөз жасап көнүп калганбыз, ошондуктан жазып жаткан ишибизге аябай маани беришибиз керек. Бир материалды сөзмө-сөз которуп коюу бул кулдук психологиянын белгиси. Мындай оорудан арылуубуз керек. Биз башка улуттун сөз түрмөгүн өзүбүздүкүнөн жогору койбошубуз керек. Алардын оюн кыргыз тилинин каражаттары менен беришибиз керек. Чоң журналисттердин дагы деле ушундай которгонун көрүп, кээде таң калып каласың. Бул көрүнүш эмнени түшүндүрөт? Биздин ой жүгүртүүбүз дагы кулдук мүнөздө болуп баратканын түшүндүрөт. Мен биринчи ирет Лондонго барганда ал жерде англис тилин үлгү катары карасаң, маалыматты кыска, нуска бергенин көрөсүң жана ал маалыматтарды башка тилдерге котортурат. Ошол убакта ВВС 43 тилде чыгат болчу, азыр 34 тилде чыгып калды окшойт. Ошондо кайсы тил маалыматты көлөмдүү кылбай, кыска-нуска кылып жеткирет дегенде, орус тили 12-орун, кыргыз тили 8-орунду ээлеп калган. Мурда которуп да иштеп калдым. Ошондо орус тилиндеги сөздөрдү бир-эки эле сөз менен кыргыз тилине которуп койсо болоруна көзүм жетти. Бирок анда да сөзмө-сөз которуш керек деп ойлой берчүмүн. Эгер силер маалымат тилин билебиз десеңер, анда англис тилин үйрөнгүлө. Азыркы мезгилде англис тилин билүү орус тилин үйрөнүп алгандай болушу керек. Гезиттин графикалык дизайнына келсек, эч качан өзүң окуй тургандай кылып жазба. Кээ бир маанилүү маалыматты камтыган жерлердин тамгаларын чоң-чоң кылып эле жазуу жакшы. Аны 80ге чыккан адам да окуй алуусу керек. Биз окурманыбызды кыйнабашыбыз керек. Кээде тамгаларыңар кичине болгону үчүн көп адамдар окубай калышы мүмкүн. Бул боюнча керек болсо санитардык талаптар деген бар.

### Бир жумалык маалыматтын демин окурмандар сезе тургандай бериш керек

Гезиттин 2-3-беттери аябай ойлоно турган, карала турган, маалымат бере турган беттер. Ал нерсеге да маани берүү керек. Себеби ачканда эле ошол беттер көзгө урунат. Бир жумада бир жолу чыксаң, бул жерлер ошол жуманын демин берип турушу керек. Эскирип калган жаңылыктарды берүүдөн алыс болушуңар керек. Себеби ал жаңылыктарды адамдар интернет айдыңынан окуп, маалыматка ээ болуп алышат. Эгер мурунку маалымат болсо, анда анын жаңыча формасын бергенге аракет кылуу керек. Жаңы нерселерди кабардын жогору жакка чыгарып, эскирген, бирок маанилүү маалыматтарды акыры жагында берип койсо болот. Окурман гезитти окуп чыкканда Кыргызстандагы, региондогу, дүйнөлүк тенденциялардын демдерин сезип турушу керек.

### Гезит окурмандары көбөйүп жатат

Дүйнөдө газет окугандар көбөйүп келе жатат десек болот. Ал эми азыркы учурда радионун күнү бүтүп баратат. Себеби бул нерсени “Азаттыкта” иштегенде билип калдым. Анда радиону жапкыла, видеолорун көбөйткүлө, сайтты жандантыкла деп көп айтылат.

### Журналисттер грамматиканы өздөрү билбей турса

Гезиттеги жарыяланган макалаларга келсек, андагы каталар эми айта берсе көп. Бул гезит үчүн чоң ката болуп эсептелет. Гезит грамматикалык бир да катасы жок чыгышы керек. Себеби журналисттер грамматиканы өздөрү билбей турса, анда бир интеллектуалдуу окурман окуй турган болсо, мындай гезит жарытмак беле. Бул көрүнүштө окурмандарды жоготуп алуу жагы бар. Ошондуктан ката кетирбегенге аябай кылдат маани берилиши керек. Газетаны ар түрдүү адамдар, анын ичинен академиктер, менин атама окшогон аксакалдар, студенттер окушу мүмкүн. Алардын ичинен бири бир-эки ката көргөн соң, гезитти ыргытып жибериши мүмкүн. Ал эми грамматика менен иши жоктор үчүн айырмасы деле жок. Алардын гезити башка.

### Журналисттер качан ойлонушту?

Кээде газеталар ушунчалык адам жийиркене турган, кызыл ала болгон, таанылбай жаткан сүрөттөрдү да берип коюшат. Бул нерсе да туура эмес. Мисалы, мен көп нерселерди ВВСден үйрөндүм. Мен иштеп турган убакта Акаевге каршы митингдер жүрүп жаткан болчу. Ошол кезде Аксыдан “Акаевге өлүм” деген адамдар келишти. Ошондогу адамдардын эмоциясын берейин деп материал даярдап келсем, ошол жерин өчүрүп салышты. Себеби ВВС адамдарды зомбулукка же кандайдыр бир нерсеге үгүттөгөнгө, адамдардын көңүлүн чөгөрүп же аларды капа кылган иштерге трибуна болуп бербейт. Биринчи ызаланып жүргөнбүз, кийин барабара түшүнөт экенсиң. Ошондуктан ар бир нерсени жазууда эрежелери менен жазуу керек. Бул эрежелер оңой эле. Аларды эч ким ойлоп чыккан эмес. Журналистиканын этикасы өткөн кылымдын башында эле башталган. Себеби алардын да биздин башыбыздан өткөн сыяктуу эле тарыхы болгон. Ошол эле Европада кайсыл адам бийликке келсе, анын каршылаштары аны газеталарга берип, сыналгыларга берип, шыбап эле жатып калчу. Өткөн жыйырманчы кылымдын башында журналисттер: "Биз эмне бийликтин эле кылычын чаап жүрөбербизби? Биз бийлик үчүн эмес, эл үчүн чыгып жатабыз" деп ойлонушкан. Ошентип азыркы күнгө келип олтурат. Этикалык талаптардын бардыгы журналисттердин мурунку муундарынын акылынан жаралган нерселер. Бул этикалык эрежелерди журналисттер куранды карманган дай эле карманышы керек.

### Журналистикада сатылган эч качан жарыбайт

Ал эми журналистикада ар кимдин камчысын чаап сатылып кеткендер эч качан жарыбайт деп айтар элем. Адамдардын убалына калуу деген нерсе бар. Ал эми адамдардын убалы аны көп узакка чыгарбайт. Мен анык билгенден эки адам бар болчу. Аларга мындай түшүнүк менен узакка кетпейсиңер деп дайым айтчумун. Ошондой эле болду. Журналист жеке бир адамдын гана эмес, аны окуп жаткан элдин да убалына калат. Элдин убалына калган оңбой калаарын көп көрдүк. Азыр мыйзамды журналисттерди соттой турган кылып өзгөртүп койбодубу. Бул нерсени мен айла кеткендин иши деп ойлоп жатам. Себеби журналисттер экстремист болуп кетпедиби. Экстремист деген бул бардык нерсенин чегинен ашып кеткенге колдонулат. Азыр мыйзамды да тоготпой, адамдардын жашоо мыйзамын да тоготпой ашынып кетип жатышпайбы. Ошондуктан ар дайым чындыкты айтуу керек.

### Журналистика - “бечараны бактылуу кылуу, кутуруп бараткандарды жерге түшүрүү”

Журналистика деген “бечараны бактылуу кылуу, кутуруп бараткандарды жерге түшүрүү” болуп эсептелет. Кутурганды жерге түшүргөндө журналист өзү чабылып кетпеши керек. Ошондуктан дайыма маалымат булагына шилтеме бергенди унутпаш керек. Расмий же олуттуу булактарга шилтеме кылганда оңой кутуласыңар. Журналистте бир эле мезгилде журналист, сот, прокурор болуп кетүү коркунучу бар. Ошондуктан журналист маалыматты экиден кем эмес адамдан тастыктап, анан ошону нейтралдуу жакшы сөздөр менен берүүгө аракет кылуусу керек.

### Чоң максат койбосоңор, кичине бойдон жүрө бересиңер

Гезит чыгарууда Кыргызстандын аймактарына жетсе болду деген максатта жашабашыңар керек. Чет жактарга чыгышты максат кылгыла. Эгер андай максат кылбасаңар, силер кичине бойдон жүрө бересиңер.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ



# Арстанбек Буйлаш уулу

**Арстанбектин өмүрү, чыгармачылыгы кыргыз элинин тагдыр чечүүчү учуруна туш болгон. Ар бир уруу өз бетинче жүргөн кезде, мамлекеттүүлүк идеясы бышып жетилсе дагы мамлекеттүүлүктү тикелей албай турган учурда Кытай, Кокон, Орусия мамлекеттеринин кайсы биринин тегирменинде элдүүлүгүбүздү сактап калабыз деген коркунуч коомдун алдыңкы адамдарынын оюнда бар эле**

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

### Бугулар Арстанбекти хан тоскондой тосуп алышкан

Кыргыздын ак таңдай, көрөгөч, аналитикалык туюму күчтүү акындарынын бири Арстанбек Буйлаш уулу Ысык-Көлдүн сыртында бугунун тынымсейитин бийлеген Буйлаштын үй-бүлөсүндө 1824-жылы туулган. Кыска өмүрүндө маанилүү жашап өткөн. Энеси Төрөкан Буйлаштын салбар аялы болгон. Уруучулук коомдо кыргыздын аттуу-баштуу, малдуу-жандуу адамдардын байлыгына, кадырына карап, көп аял алууну эл терс көрүнүш катары санаган эмес. Арстанбектин балалык курагы көбүнесе айылдын четинде жокчулукта өтөт. Ошол себептүү анын чыгармачылыгында турмуштун нагыз ачуу чындыгы, диалектикалык категориялары таасын чагылдырылган. Энесинин социалдык абалына байланыштуу Арстанбек байбиченин балдарына тең ата боло албай, атасынын назарына көп илинбей, балалыгы мал артында өтөт. Жерден боорун көтөргөнү, өспүрүм курагынан кашкөй мүнөзгө ээ болот. 16 жашынан тартып жүрүм-туруму, чыгармачылыгы менен элге тааныла баштайт. Кыргыздар оруска кошула элек кезинде Кокон хандыгына алым берип турган. Кыргыздарды кыңк дедирбей башкарып, таасирин арттыруу максатында ордодогулардын кыргыз төбөлдөрүнөн жылына “ак үйлүүгө алмай” адаты бар эле. Ак үйлүү деген сөз барымтага алуу деген маанини берет. Ушундай жол менен кокондуктар өздөрүнө караган элди оңой башкарышкан. Бул жолкусунда бугунун мыктыларына кошулуп, Буйлаш да кеткен эле. Буйлаштардын кеткенине жыл айлангында Арстанбек атасынын артынан “Кайдасың Кокон, Анжиян?” деп издеп барат. Сөз өнөрүнүн күчү менен атасын жана бугунун мыктыларын бошоттуруп, Фергана өрөөнүндө сөз кадырын билген Алымбек датканы жандап, көптөгөн ырчы, комузчулар, чечендер, илимдүү адамдар менен беттешип, аларды татыктуу жеңгендиги белгилүү. Алымбек датканын сый-урматына арзып, киндик каны тамган жерге залкар чыгармачыл инсан болуп кайтып келген. Эл-журтуна аман-эсен жеткенде бугулар Арстанбекти ханды тоскондой тосуп алышкан экен.

Арстанбек бабабыздын өнөр мурасын жыйноо иштерин Каюм Мифтаков баштаган. Ал 1920-жылдары эл арасынан чогултуп, Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондуна өткөрүп берген.

### “Тар заман”доор алмашуунун туундусу

Арстанбектин чыгармачылыгында замана темасынын өзгөчө орду байкалат. Айрыкча “Тар заман” деген аталыштагы кара ыр түрүндө сабалап айткан чыгармасынын жанрдык өзгөчөлүгү бар. Чыгарманын тарбиялык, тарыхый мааниси зор. “Тар заман” Арстанбектин замандын оош-кыйышын, элдин келечеги кандай болот деген сыяктуу коомдук, социалдык көйгөйлөрүн козгогон ой жүгүртүү формасындагы чыгармасы десек болот. Арстанбектин чыгармачылыгы падышалык бийликтин кыргыз жергесине орногон учурунда апогейине жеткен. Жаңы турмуш, орус-кыргыздын аралашып жашоосу сезимтал жан дүйнөсүнө бүлүк салып, эртеңки келечек, урпак-муундун көргөн күнү кандай болот деген ой-жорумдар чыгармачылыгындагы борбордук маселеге айланган. Орустардын баскынчы саясатынан чочулаган. Кыргыздарга орустардын келишин акыр замандын белгиси катары түшүнгөн.

*Өңү сары, көзү көк,*
*Орус келе жатыры.*
*Узун чөптүн баарысын,*
*Оруп келе жатыры.*
*Кыска чөптүн баарысын,*
*Коруп келе жатыры.*
*Заманың келди жакындап,*
*Тайган иттей такымдап* – деп, орустардын келиши менен кыргыз турмушунда кандайдыр бир өзгөрүү болорун сезип, ырга салган. Окумуштуу Батма Кебекова “Арстанбек” деген илимий эмгегинде: “Тар заман” – ырчынын турмуштук жана социалдык көз караштарынын жыйындысы, акындын өз заманы тууралуу позициясы” деп белгилеп кеткен. “Тар заманды” ырдаганда элдин муун-жүгүн бошоп, буркурап токтоно албай ыйлашкан экен. Орус бийлигине ыктаган бий-болуштар Арстанбектин тилин кесүүгө да аракет кылгандыгы тууралуу айтылып жүрөт. Мындай учурлар тарыхта көп эле болгонун билебиз. Легендарлуу Токтогул ырчынын, Толубай сынчынын тагдырлары буга далил. Ырдабай тилин тартып жүрсүн деп, бийболуштар кийинки эле Калык Акиевдин кызыл өңгөчүн табылгы камчынын сабын отко кызытып туруп, кырып салганы белгилүү эмеспи.

*Журтта ургаачы көбөйүп,*
*Бой азаят дечү эле.*
*Бойго жеткен кыздардын,*
*Баштагыдай көркү жок,*
*Той азаят дечү эле.*
*Зайып чыгып жыйынга,*
*Элечегин булгалап,*
*Чечен болот дечү эле.*
*Ушул кийинкинин баарысы,*
*Бечел болот дечү эле.*
*Шум жалгандын белгиси,*
*Карагайдын таңында,*
*Элик болду элибиз.*
*Каптаган тузду көтөргөн,*
*Көлүк болду элибиз.*
*Башка чапса, былк этпес,*
*Өлүк болду элибиз* – деп, кыргыздардын орустарга карата эч бир баш көтөрө албай калган абалына жаны кейиген. Баш көтөргөн кыргыздын Балбай баатырынын, казактардын Шооруk баатырынын көзүн тазалагандыгы тууралуу:

*Бул орусту карасаң,*
*Ченчи салып жерди алды,*
*Бээден туулган керди алды.*
*Карды салык байды алды,*
*Кача турган жайды алды.*
*Качканың кайда кутулду,*
*Туурадан салды тозокту,*
*Кармап алды Кулжадан,*
*Балбай менен Шоорукту!*
*Сууга чыккан жекендей,*
*Орус келсе, сыйлайсың*
*Ак сакалдуу акеңдей.*
*Илгерки кары калыптыр*
*Сууга түшкөн текедей.*
*Бул орусту карасаң,*
*Суу-сууга салды бекетти,*
*Болуштарды карасаң,*
*Катынындай кекетти.* – деп, “Тар заманда” баса белгилеп өткөн.

### Арстанбек - айтыш өнөрүнүн чебери

Анын казак акындары Каңтарбай жана Сүйүнбай менен айтышканы белгилүү. Ошондой эле өзүнүн акындык мектеби болгон. Көл башында калың бугудан чыккан Солтобай, тынымсейит Көкөтөй чечен, аксылык Жеңижокту Арстанбектин шакирттери деп атаганга толук негиз бар. Өз заманында Арстанбек атабыз чыгармачыл көрөңгөсү бар адамдарды жанында топтоп, аларга үлгү болгон. Ал арман, кошок, терме, санат-насыят, керээз сыяктуу чыгармаларды жаратып, чебер аткара алган импровизатор, музыкалык туюму күчтүү болгондуктан, ар бир чыгармасын ийине жеткире аткара алган чебер аткаруучу, виртуоз комузчу, талантуу композитор болгон эле деп эскерип жүрүшөт. 500дөн ашык күүнү комуз менен аткара билген. Анын жарымы Арстанбектин жеке өзүнө тиешелүү деп айтылып келет. “Арстанбектин арман күү”, “Кербез”, “Солтон сары”, “Кет бука”, “Ат чубатар ботой” аттуу залкар күүлөрү чоң комузчулардын аткаруусунда жаңырып келген. Акылы зирек, кайраттуу, көп нерседен кабардар болгондугу, билимдүүлүгү ырларынан автопортрет болуп көрүнүп турат. Өз учурундагы жана өзүнөн кийин келген айтыш өнөрүнүн өкүлдөрүнө укмуштуудай таасир берген. Буга мисал катары Жеңижоктун Аксыдан бери ат арытып келип, Арстанбектин батасын алып кетиши, ыр төгүү жагынан алдына адам салбаган феномени анын атын да кылымдарга өчпөй тургандай кылып кеткен. Көп акындар Арстанбекти пир тутушкан. Баскан-турганы, жасаган иш-аракети аны насили манап экенине карабай турмушту терең түшүнүп, байлык, кедейлик деген эмне экендигин чечмелеп, ага баа бере алгандыгын өз учурундагы эң бийик гуманизм деп эсептесек да болот. Акындын кызыктуу өмүрүнүн бир үзүмүн Актан Тыныбековдун Көкөтөй чечен тууралуу эскерүүлөрүнөн тапсаңыздар болот.

Гезитибиздин мурдагы сандарында айтып кеткенибиздей, Арстанбектин чыгармалары эскичил катары сындалып, атайын илимий изилдөөлөргө алынбай, тактап айтканда, соцреализмдин цензурасынан өтпөй калган. 90-жылдардын желаргысы менен гана залкар ырчынын мурастарына кайрылуу колго алына баштады. Арстанбек атабыздын ар кыл жанрдагы көптөгөн ырлары, күүлөрү биздин күндөргө элибиздин жалпы сабатсыздыгынын айынан жетпей калды. Залкар акындын легендарлуу өмүрүнө, бизге жеткен мурастарына суктанып гана тим болосуң! Арстанбектин өнөр көчү ушул күндөрдө дагы уланып келе жаткандай туюлат.

### Арстанбектин ал саптарынан үзүндү

*Баш ырыскы, мал дөөлөт,*
*Бар болгонуң зор дөөлөт.*
*Тиш ырыскы тил дөөлөт,*
*Тирүүлүгүң зор дөөлөт.*
*Баш барда келет тууганың,*
*Баш жаздыктан тайган соң,*
*Баары калат жыйганың.*
*Көз барда келет тууганың,*
*Көз жумулуп кеткен соң,*
*Баары калат жыйганың.*
*Кеткенден кийин келмек жок,*
*Бир жаныңа эрмек жок.*
*Баргандан кийин кайтмак жок,*
*Калганга дубай айтмак жок.*
*Кабарың күнгө жетсе да,*
*Жылдызды колуң серпсе да,*
*Жараткандын дүйнөсү,*
*Бут колундан өтсө да,*
*Эл менен сен бийиксин,*
*Элден чыксаң кийиксиң.*

# Абактар энелердин шоруна айланды

Коомубузда өөн учураган, адамдын жашоосуна коркунуч келтирген окуялар күн сайын арбыган сыяктуу. 11-октябрдан 12сине караган түнү Төмөнкү Нооруз аймагында жайгашкан №50 абактан 9 кылмышкер качып, бешөө кармалган. Кылмышкерлерди кармоо маалында 3 кызматкер набыт болуп, бирөө оор жаракат менен ооруканага түшүп, ал да каза болду

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

### Кылмышта суроо жараткан жагдай көп

Бул кылмышка тиешелүү кылмышкерлердин күч органдары тарабынан атылып өлтүрүлүүсү коомчулукта эң тартышылган маселеге айланды. Бирилери соопболот, айоонун эч кереги жок, абак кызматкерлерин өлтүргөндөрдү кесиптештери карап турушу керекпи, ушундай кылыш керек эле дешүүдө. Аларга каршы чыккандар бул окуянын башынан бери көмүскөдө калып кетип жаткан жактары бар деп интернетте түрдүү суроолорду жаадыра баштады. Мисалы: "№50 тергөө абагында эки жума видеокөзөмөлдөөчү камералар өчүп турса эмнеге чара көрүлгөн эмес? Бул кылмышты териштирүү үчүн качкан кылмышкерлерди өлтүрбөстөн кармап келүүгө мүмкүн болуп турса, алар эмнеге атылып өлтүрүлүп атышат? Атылып өлтүрүлгөндүн бири документ уурдаган кине менен отурган экен, ал эмнеге мындай мыкаачылар менен чогуу бир камерага отургузулган? Абак кызматкерлеринин өлүмүнө анын канчалык тиешеси бар? Кармалган 5 кылмышкердин үчөө биринин артынан бири каза болду. Алардын тергөөдө сүйлөөсү кимдир бирөө үчүн коркунучтуу эмеспи?" деген сыяктуу суроолор коомчулукта улам күч алып баратат.

### Төрт үй-бүлө атасыз калды

№50 тергөө абагынан качып кеткен кылмышкерлерди токтотууга аракет кылган Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын 4 кызматкери каза тапты.

1. Таалайбек Өмүрзаков, ички кызматтын майору. 1969-жылы Жалал-Абад облусунда туулган. Жаза аткаруу системасында 2007-жылдан бери иштеген. Артында жубайы 4 баласы менен калды.

2. Туратбек Садыбакасов, ички кызматтын прапорщиги. 1978-жылы Балыкчы шаарында туулган. Жаза аткаруу системасында 2007-жылдан бери иштеген. Жубайы жана 2 баласы калды.


3. Орозбек уулу Фархат, ички кызматтын старшинасы. 1978-жылы Ысык-Көл облусунда туулган. Жаза аткаруу системасында 2010-жылдан бери иштеген. Жубайы 5 айлык уулу менен калды.

4. Тилек Абылгазиев, ички кызматтын подполковниги. 1972-жылы Нарын шаарында туулган. Ал жаза аткаруу системасында 1998-жылдан бери иштеген. Жубайы жана 3 баласы бар.

Бишкектеги маалымат жыйындардын биринде укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова, Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын коомдук байкоочу кеңешинин төрайымы Чолпон Өмүркановa №50 түзөтүү абагы боюнча төмөнкүлөргө токтолушту.

### Азыркы күндө бүт түрмөлөрдүн абалы начар

Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын коомдук байкоочу кеңешинин төрайымы Чолпон Өмүркановa: "Биринчиден, мен бул өткөн каргашалуу окуяда каза тапкандардын үй-бүлөлөрүнө, туугандарына, жакындарынын кайгысына ортоктошмун. Биз сиздердин үй-бүлөңүздөрдү күчтүү болууга чакырабыз. Кандай кырдаал болбосун, биз сиздер менен биз жана колубуздан келген жардамды көрсөтөбүз. №50 түзөтүү абагынан качып кеткен кылмышкерлердин бешөөсү кармалып, ал эми калганы издөөдө. Бул окуя биринчи жолу болуп жаткан жок. Буга чейинкилери да эсиңиздерде болсо керек. Бүгүнкү күндө Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында коопсуздуктун деңгээли эң эле төмөн. Айрым жаза аткаруу мекемелеринин дубалы Совет мезгилинен бери эле урайын деп турат. Кыргызстанда эки революция болуп өтсө дагы жаза аткаруу системасы солкулдабай, өзгөрүлбөй эле турат. Кылмышкерлердин согуш учурунда эмес, тынчтык мезгилде жумуш ордунда мерт болгону өтө өкүнүчтүү жана коркунучтуу. Төрт үй-бүлө атасы жок калды. Бул Кыргызстандын трагедиясы десек болот. Абактагы коопсуздук, бул коомдогу коопсуздук. Эгерде биз түрмөдөгү коопсуздукту камсыздай албасак, коомдо кайсы коопсуздукту камсыздай алабыз? Абактардын абалынын начарлыгына, көзөмөлдүн алсыздыгына жана кызматкерлерге болгон камкордуктун, социалдык колдоонун жоктугуна өкмөт кайдыгер мамиле жасоодо. Азыркы күндө түрмөлөрдүн баарынын абалы начар. Бир түрмө жакшы, бирөөсү жаман деп айтканга болбойт. Мисалы, бир абактын батыш тарабы жакшы болсо, күнгөй тарабы начар болуп атат. Бириккен Улуттар Уюму 2012–2013-жылы түрмөлөрдөгү коопсуздук боюнча эксперттик изилдөө өткөргөн. Изилдөөнүн натыйжасында өкмөткө ар кандай сунуштар берилген. Ошол жылдары берилген сунуштарга өкмөт дагы деле көңүл бурбай келет. Бүт түрмөлөрдө телефон аркылуу сүйлөштүрбөгөн басаңдатуучу аспаптарын, видео көзөмөлдөөчү камераларын орнотуу кайра каражаттын тартыштыгына келип такалууда" деди.



### Жараткан берген өмүрдүн баасын эч ким быча албайт

Укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова: "Кудайдан, ата-энеден бизге бир жолу гана өмүр берилет. Бул өмүрдүн баасын бычуу мүмкүн эмес. Ал эми биз учурда жаш адамдарды жоготуудабыз. 11нен 12-октябрга караган түнү абдан каргашалуу окуя болду. Буга чейинки Кыргызстандын өкмөтүнүн бири дагы түрмөдөгү системага олуттуу көңүл бурган жок. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн шалаакылык мамилесинен кылмыштуулук өсүүдө. Кичинекей балдардын №14 абагында 20 гана бала бар. Ошол 20 балага 100 абак кызматкери иштейт. Биз эмне үчүн бул кызматкерлерди багышыбыз керек. Эмне үчүн тор артындагы 20 бала кыргыз коомчулугунун көңүл чордонунда эмес? Реформалар жүргөн жок. Анткени адамдар бул оорундарда отургандан башка эч нерсе билишпейт. Өмүр бою эркинен ажыратылган жарандарды кармоо үчүн №17 колония ачылды деген имиштер айтылган. Ал жерге журналисттер да барган. Ал колония сүрөткө окшоп, башкаларга көргөзүү үчүн эле бар, бирок иштебейт. Анда бир дагы камалган киши жок. Түрмөлөр кардиналдуу реформага муктаж. 2014-жылдан ушул күнгө чейин №47 колонияда бир аял күйөөсүнө жолуга албай келет. Ал аялга ар кандай шылтоолорду айтып, акча сурашууда. Менде түрмөгө келген нерселерди киргизбеген учурлар боюнча хронология бар. Абактагы коррупциянын туруктуулугу кылмышкерлердин түрмөгө келген туугандарынан, чиновниктерден жана ошондой эле кылмыш дүйнөсүнөн көз каранды болууда"- дейт.

### Экстремисттерге өзүнчө борбор жана түрмө ачыш керек

ИИМдин 10-башкы башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Раим Салимов экстремисттер менен террористтерге жана динди туура эмес түшүнгөн адамдарга өзүнчө түрмө ачыш керек экенин төмөнкүчө баяндайт: "Азыр согуш болуп жаткан Сириядан кээ бир мамлекеттердин чек аралары аркылуу бир күндө 40–50 миң адам өтүүдө. Балким 40 миң кишинин арасынан "Ирак Шам ислам мамлекети" делген кылмыштуу террорчу топ кичинекей балабы, чоң адамдарбы, айтор, өзүнүн миңдеген кишисин качкын сыяктуу кылып жөнөтүп жаткандыр. Биз реабилитациялык борборлорду ачышыбыз керек. Ал борбордо Сириядан келген, кетип жаткан, динди туура эмес түшүнгөн кишилер менен күчтүү кесипкөй психолог, теологдор психикасын түздө иштешсе жакшы болмок. Мал уурдаган, керек болсо адам өлтүргөн кылмышкер менен террорчунун арасында чоң айырма бар. Бул үчөө таптакыр башка кишилер. Террорчу көбүнчөсүн өзүн күнөөлүү сезип өкүнбөйт. Террорчулардын аң-сезимин өзгөртүүгө көп убакыт керек. Ошондуктан биз мындай терс диний таасир алдында калган жаранда үчүн реабилитациялык бөлүм ачышыбыз керек. Бүгүн кылмышкерлер менен террористтерге биз өзүбүз ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүп берип атпайбызбы. Балким, китепчелерди үйүнө жыйып, атайын милицияга кармалып түрмөгө отурайын дейт. Түрмөгө кирип алып, түрмөдө чыныгы дин тууралуу эч нерсени билбеген, убактысын кайда коротоорун билбей отурган адамдын мээсине чай кайнатып,өзүнө каратып алуу оңой болуп атпайбы. Жазасын тартып жаткан кылмышкер аны менен башында бирге намаз окуйт, аста-аста ар кандай туура эмес китептер менен таанышат. Анан түрмөгө бир экстремист кирген болсо 4-5 экстремистти тарбиялап ээрчите чыгат. Ошондуктан экстремист менен террорчуларга дайыма сөздө эле калып жаткан өзүнчө түрмөнү эртерээк ачуу керек".

*Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында жалпысынан алганда "Ооруну жашырсаң, аны өлүм ашкере кылат" деген жагдай жаралгансыйт. Каза болгон кызматкерлердин жакындары өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, биздин атабызды, жубайыбызды, балабызды, тууганыбызды бул кылмышка күнөөлүү кылып коюшпасын деп чыркырашат. Документ уурдап тергөө абагында жаткан Азамат Мусуралиевдин ата-энесинин КТРКдан "Балам, эптеп бизге байланыш, сени сактап калабыз" деп ыйлашканы, андан 3-4 күн өткөн соң интернеттеги бардык соцтармактардан милиция кызматкерлерин бычак менен качырды делип атылып канжалап жаткан видеосу тараганы алардын жакындары үчүн да оор. Кечээ кечке жуук дагы бир качкындын энеси интернеттеги социалдык тармактардан милиция кызматкерлерине "Баламды өлтүрбөгүлөчү" деп кайрылды. Бул жагдайга илимий, олуттуу жана системдүү көңүл бурбаса эки тарап болуп араздашып өлгөн балдарынын денелерин кучактап ыйлаган энелер көбөйүп кетпейби?*

# ИШИМ коркунучу жана Орусия. Батыш кароол дөбөсүнөн көрүнүштөр

Коркконунан кош көргөн адамдар уктаса, Ирак-Шам ислам мамлекети делген кылмыштуу топту Борбор Азияда көрө башташты. Бул материалда КМШ мамлекеттеринин лидерлеринин аракеттери менен Батыш тарапта ойноп жаткан персонаждардын пикирлери сунулду



### Азыркы абалдан сүртүмдөр

CA-NEWS сайты афгандык Khaama Press агенттигине таянып, талибдердин Афганистандын Түркмөнстанга чектешкен Фарьяб провинциясындагы Гормач өрөөнүндө жайгашкан афгандык полистерге тиешелүү бир нече блокпостко куралдуу кол салганын билдирди.

Расмий булактарга караганда 18-октябрь жекшембиде талибдер Гормачты колго алып, полис штабын өрттөп жиберишкен. Афган полистери башчысы менен бирге Афганистандын улуттук армиясынын базасына кире качкан. Талибдер аскердик базаны курчоого алып, афгандык куралдуу күчтөрдүн өкүлдөрү менен атыша башташкан.

"Радио Свобода" үналгысына шилтеме берген "Түркмөнстандын башкы жаңылыктары" аттуу басылмасы Афганистандын Фарьяб провинциясында курч кырдаал жаралганын жазып чыккан. Анда бул провинциянын мыйзам чыгаруу кеңешинин депутаты Сейид Абдулбакы Хашими Гормач аймагы чоң коркунучка кабылып, анын айылдары биринин артынан бири экстремисттер менен чет өлкөлүк жалданма согушкерлердин колуна өтүүдө. Хашими: "Аймакта мамлекеттик бийликтин жоктугунун айынан арасында Түркмөнстандын жарандары да бар согушчандар менен чет өлкөлүк жалданмачылар жергиликтүү базарда пайда болуп калышты" деп айткан.

Хашиминин айтымында, согушкерлер Бала Мургабдан баштап Довлетабадга чейинки түркмөн-афгандык чекараны көзөмөлгө алышкан. Себеби, экстремисттер Түркмөнстанга кирип, Борбор Азиядагы абалды курчутууну көздөшүүдө. Билдирүүдө айтылгандай, Фарьябдын 14 аймагынын 10у Түркмөнстан менен чектешет.

### КМШда түрдүү сөз, бирок бирдей ой

Өткөн жуманын аягында Казакстандын Бурабай көлүнүн жээгинде КМШ өлкөлөрүнүн башчыларынын саммити болуп өттү. Өзбекстандын президенти Ислам Каримов талибдер Афганистандын түндүк-чыгышынын бир нече аймагын басып алганын эскертти. Анын айтымында, бул көрүнүш талибдердин согушууга бир топ эле күчтүү мүмкүндүгү бар экенин далилдеп турат. Афган армиясы азырынча талибдерге өз алдынча сес көрсөтө албайт. Бул өлкөнүн өкмөтү мамлекеттеги абалды толук көзөмөлгө ала элек. Ошондуктан Ирактын аянычтуу абалына түшүп калбоо үчүн Афганистандагы мындай кырдаалды эске алып, аналитиктердин көбү бул өлкөдө жайгашкан эл аралык ISAFтын аскерлерин көбөйтүү керек деген тыянакка келишүүдө дейт, бул маселени баса белгилеген Каримов. Өзбек президенти ушул себептен улам көпчүлүгү америкалык аскерлерден турган аскердик топтун Афганистанда калуусун дагы бир нече жылга узартыш керек деп айткан.

Мындан бир күн мурун АКШнын президенти Барак Обама афгандык куралдуу күчтөргө жардам берүү үчүн Афганистанда 9800гө жакын америкалык аскерлердин калуусун узартуу пландалып жаткандыгы тууралуу айтып чыккан.

Бурабайдагы саммитте Россиянын президенти Владимир Путин Борбор Азиянын лидерлерине Афганистан тараптан согушкерлердин кирип келүүсү тууралуу эскерткен. Ал Афганистандагы акыбал өтө коопту болуп турганын айтты.

"Ар түркүн террорчулар Афганистанда кадырын арттырып, мындан наркы кол салуу багыттарын жашыра албады. Алардын максаттарынын бири – Борбор Азия аймагына кирип келүү. Биз мындай аракеттерге бирдиктүү түрдө каршы туруубуз маанилүү" дейт Путин Сириядагы "Ирак жана Шам ислам мамлекети" тобуна катышкан жарандар тууралуу. "Биз, албетте, алардын Сирияда алган тажрыйбаларын өлкөбүздө колдонууларына жол бербейбиз" деп сөзүн жыйынтыктады дейт "Америка үнү" маалымат агенттиги.

Владимир Путин баш болгон КМШ лидерлери Афганистандагы абалдын курчуусуна жооп катары бул мамлекеттердин сырткы чекараларын коргоо үчүн бирдиктүү күчтөрдү түзүү тууралуу макулдашышты. Reuterstин жорумуна караганда бул бирдиктүү иш-чаранын алкагында россиялык куралдуу күчтөр Афганистанга чектеш аймактарга жайгашып, америкалыктар кеткен соң пайда болуусу мүмкүн болгон коопсуздук боштугун толтурат.

### АКШнын Афганистанда калуусу баарына жаккандай

КМШ өлкөлөрү боюнча эксперт Аркадий Дубнов "Америка үнү" маалымат агенттигине берген маегинде Россиянын Сириядагы согушка жеңин түрүп кирип кетүүсү бери эле дегенде КМШ өлкөлөрүнүн тынчсызданууусун жаратты.

Ал оюн минтип улайт: "Путиндин туулган күнүнө белек катары Орусиянын согуштук-космостук күчтөрү Сирияга Каспий аймагынан ракеталар менен сокку урушту. Биз билгендей, Казакстан менен Азербайжан бул аймактын бир бөлүгү. Түркмөнстанда ракеталар учуп өттү. Нурсултан Назарбаев бул фактыга көңүл бурбай коё албайт. Ашхабад менен Баку деле орусиялык кемелердин жанына туруп алып, Жакынкы Чыгышка ракета атып жатканынан чочулады болуш керек" деген ой-жорум кылган. Дубновдун айтымында, АКШнын президенти Барак Обаманын Афганистанда америкалык аскердик бөлүкчөнү дагы бир нече убак калтырам дегени Борбордук Азиянын лидерлерин жакшы эле сүйүнттү. Ал: "Афганистанда америкалыктардын калуусуна алардын кызыкдар экени айдан-ачык. Албетте, белгилүү себептерден улам муну ачык колдоого ала алышпайт. Американын Афганистанда болуусу бул өлкөдө кырдаал көзөмөлдөн чыгып кетпешине Россияны да үмүттөндүрөт" деп айткан.

### Борбор Азия мамлекеттерине коркунуч сырттан эмес, өздөрүнөн келүүдө

Бириккен Улуттар Уюмунун өкүлү (БУУ) Борбор Азияда кырдаалды алдын алуу дипломатиясы боюнча Аймактык борборунун башчысы Петко Драганов: "Афганистандан келүүчү коркунучтардан кооптонуу менен бирге Борбор Азия аймагынын коопсуздугунун негизги фактору катары аймактын мамлекеттеринин коомдук-экономикалык өнүгүүгө негизделген саясий туруктуулук экенин баса белгилейт элем. Борбор Азия мамлекеттери үчүн коомдук-экономикалык ыкчамдуулугун арттыруу, коомдун түрдүү топторун бириктирүү, саясий аракеттердин демократиялык жана тең укуктуулук нугунда жүргүзүүсү өтө маанилүү. Региондун өлкөлөрү сырттан келүүчү коркунучтарды алдын алуу үчүн өз ара кызматташууларын бекемдеши керек. Эгер бул маселелерге керектүү деңгээлде көңүл бурулса, сырткы солгун факторлор канчалык маанилүү болсо да, аймактын коопсуздугуна олуттуу таасир бере албайт" деген кеңештерин берген.

Орусиянын аскердик серепчиси Александр Гольцтун айтымында, окуялар эң жакшы өңүттө кеткен күндө да, талибдер Афганистандагы бийликти бир жарым жылда толугу менен колго алышат. Андан соң "исламдык экстремизм" делип жаткан жагдай Аму дарыясы менен Пянждан секирип өтүп, Борбор Азиянын жакырлыкка баткан, алсыз, коррупциялашкан авторитардык режимдери менен бетме-бет келишет. Бул түрдүү жарандык кагылышууларга жол ачуу үчүн эң ыңгайлуу шарттар. "2011-жылдан баштап бул аймактагы башталып келе жаткан мезгилинде кийлигишүү үчүн Орусияга легитимдүү укук керек. Бул кырдаалдын эң коркунучтуу сценарий менен кетип калбоосу үчүн Орусия аскердик күчтөрү менен тутанып бараткан отту убагында басып калууну көздөйт" деген А.Гольц "КМШнын "Борбор – 2015" аттуу аскердик машыгуулары террорчулар басып алып, башаламандык жараткан аты аталбаган өлкөгө кирип баруу сценарийи менен өткөрүлгөн" деп оюн бүтүргөн.

Жалпысынан алганда, афгандык талибдердин активдешүүсү АКШ тарапка да, Россия тарапка да ыңгайлуу болгондой. Россиянын күчү азыр Афганистанды сиңирип алууга жетишсиз. Муну жакшы эсептеп чыккан батыш Афганистан менен Пакистандын Россияга ыктаган КМШ мамлекеттериндеги орустардын өнөктөштөрү менен ыкташып кетүүсүнүн алдын алгансыйт. Демек, өзөктүк куралга ээ болгон эки державанын Борбор Азиядагы тирешүүсү жакынкы арада кайра эле афгандардын шордуу мекенинен өтөт окшойт. Мурун СССРдин курамына кирген Афганистан менен чекаралаш Түркмөнстан, Өзбекстан жана Тажикстан Кыргызстандай болуп, оор чечим кабыл алуу алдында тургансыйт. Ал чечим – толугу менен же Батышка, же Россияга ыктоо. Үчүнчү жол жок сыяктанат. Россия бир эле убакта Украина, Сирия жана Борбор Азия багытында АКШ баш болгон батыштык аракеттерге туруштук бере алуусу күмөн. Азырынча Путин Сирия боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү максатында атказган Медведевди Вашингтон кабыл албастыгын билдирип, орустар айтмакчы: "Өзүң бышырган боткону өзүң аша" таризинде түр көргөздү.

Бетти даярдаган
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Саяпкердин көз жашы

Чүй өрөөнүнөн чыккан даңазалуу Шергазы саяпкер ар качан элдин керегине жарап келген. Карыялардын айтымында Шергазынын азаматтыгынан Чүй боюндагы көп эл жакырчылыктан аман калган экен. Мына ушул Шергазы саяпкер тууралуу аңгеме атактуу комузчу, кыякчы Муратаалы Күрөңкөй уулунун оозунан жазылып алынган



РАХАТ АКМАТОВА

Муратаалы комузчу 25 жаш курагында Байтиктин ашы берилет. Баатырдын билерман балдары атасынын арбагын, өзүлөрүнүн атагын көкөлөтүү максатында ашты аябай чоң бермек болушат. Анүчүн аштын баш байгесин көбөйтүү керек эле. Антүүгө Байтик тукуму жана анын уругунун малы жетпей, ошол аймактагы уруулаш элдин малын кошо баш байгеге сайышат. Эмки максат элдин малын жатка кетирип, таалонго учуратпай кандай да болбосун, баш байгени алып калуу зарылчылыгы туулат.

Ары калчап, бери калчап, акыры бир бүтүмгө келишип, Сын-Таштагы Шергазы саяпкерге ат чаптырышат. Шергазы Байтик тукумунун күлүктөрүн карап чыгып, аттарынын бирин да жактырбайт. Шергазыга арга издөөнү сурашканда, саяпкер: «Керкашка кайда?» деп сурайт. Керкашка 18 асыйга толуп, абдан карыгандыктан, Байтиктин жесири Апар байбиче күйөөсүнүн ашына сойдурмакка куйрук-жалын тонотуп, ала жазда жайытка коё бердирген экен. Күлүктү алдырышат. Шергазы күлүктү ары-бери карап туруп: «Бир чуркамы калган экен» дейт. Картаң аттын байгеден чыгарына ишенбесе да, Байтиктин уулу Байсал аргасыз макул болот. Аштын өткөрүлүшүнө бир ай гана калган. «Же Керкашка чыгат, же Шергазынын башы кетет. Шерт ушул».

Керкашканы таптоо үчүн саяпкер өз үйүнө жетелеп жөнөйт. Өз башын өлүмгө байлап, Керкашканы чыгаруунун милдетин алган саяпкер күндөп-түндөп этинен түшүрүүгө киришет. Шаарга келип керелийкечке бир тал чөп салбай ачка коёт, күн батардан мурдараак шаардан желдире бастырып чыгат да, ээн талаага түшкөндө оозун коё берип атырылткан бойдон айылына жетип, таң ашырбастан ээр токумун алып, көк бедеге агыта берет. Шергазы муну менен жөн турбай бир нече мертебе самандан, чөптөн аралаштыра от жагып, Керкашканы түтүнгө ыштап, майын эритет. Далай азап менен этинен түшкөн мал , болжолуна жеткен кезде, Шергазы кайрып таптоого киришет. Ашка туура 13 күн калганда, саяпкер эми күлүктүн жанын кыйнабай, чукул кайрып таптап, маалы менен суутуп, өлчөмүнүн өткөзбөй өзү жетелеп откоруп, тоо булагынан сугарып жүрсө, баш байгеге сайылган мал жүрөгүн өйкөп санаасы чыдабай Бас-Бөлтөктөн атайы Байсал келет. Шергазы ага таптап жаткан Керкашканы көрсөткөндө, Байсал кабагын чытып, далайга түнөрүп турат да: «Чыксаң сенин жазыгың, чыкпасаң менин жазыгым» деп бастырып кетет. Азап да кайгы да Шергазынын башына түшөт.

Күткөн күн келип, аш башталат. Пишпектин күн батыш жагындагы мелтиреген ак чийдин түзүнө жер жайнаган ак өргөө тигилет. Кеч бешим ченде ашка келген жумурай журт "Сары-Арканы жердеген казак агайындан келген Нурлубай саяпкер баш болуп, аттарды сынашат" деп күүлдөп калышат. Нурлубайдын Тору-Дөнөн аттуу аргымагы Олуя-Ата, Мерке, Сары-Аркада болгон ат чабыштарда бир күлүктү алдына салып көрбөгөн күлүк болот. Нурлубай саяпкер далай күлүктөрдү сынап көрөт да, эң акырында даңкын мурдатан угуп жүргөн көрүнөт, даңазалуу Керкашканы да көрсөткүлө дейт. Адатта күлүктөр качан гана эл алдында чубатууда көрсөтүлөрүнө карабастан, Шергазы макулдук берет.

Алыстан атайы арзып келген чоң сынчы ызаат кылып, атынан түшүп, боз үйдөгү Керкашканын жабуусун ачып көргөн соң, кабагы ачыла, кубанган бойдон аттанып, атайы даярдалган үйгө барып түшөт. «Мунун көңүлү куунак кеткенине караганда бир кеп бар» деген ойдо калган Шергазы: «Нурлубай токтогон үйгө от жагып берип, сынчынын эмне дегенин тыңшап отур. Бирок, өзүң дудук болуп кал!» деп тың тестиер баланы жөнөтөт. Баягы бала казак сынчысы түшкөн үйгө барып, жылтылдатып куурай жагып билмексен болуп отурса: «Кана, Керкашканы болсо көрдүң. Кандай экен?» дешип жанындагылар собол салышат. "Айтпайм" дейт Нурлубай. "Неге айтпайсыз? Биерде өзүбүздөн бөлөк эч ким жок, бул бала дудук гой".деп отургандар жаалап ийишет. "Болбодуңар айтайын энди, Керкашканы таптоодо үч кемчилик кетирип койгон экен.Биринчиси, атты семизинен чукул кайрыгандыктан, боорунда бычак сырты казы калыптыр. Экинчиси, таштак жерде сууткандыктан, туягы өсүп кеткен экен, жүгүргөндө ысып чыгат. Үчүнчүсү, жумурунун башында кара комок калыптыр. Жүгүргөндө өйкөйт, ошондо карды ооруйт. Ушул үч мандемин байкабаптыр, энди куда каалаcа, менин Тору-Дөнөнүм баш байгени калетсиз алат" дейт. Тыңшап отурган бала эшикке куурай алымыш болуп сыртка чыгат да, жылт коёт. Укканын төкпөй-чачпай Шергазыга жеткирет.

Шергазы дароо чөп-саман төшөп, анын үстүнө жууркан-ды калыңдата жаап, аттын этин оорутпай акырын жыгып, өскөн туяктарын ийдилеп жиберет. Аттын бою менен тең жер каздырып, Муздактын төрүнөн эки жигитке түнү менен муз алдырып келет да, казылган аңга төктүрүп, атты жетелеп түшүрөт да, калган казысын эритип жиберет. Таң эрте бээлерди саадыра коюп, бир чоң көнөк сүттү Керкашкага ичирип, анан катуу желдирип баратып, чукулунан бура тартканда, аттын жумурунун башына катып калган кара комок булт этип ыргып кетет.

Эртеси, чабылчу аттар калың элин алдынан чубап өтө баштайт...Керкашканын көкүлү шүйүлүү, куйругу түйүлүү экен. Баягы тыңчы бала минип алып журт алдынан өтө бергенде: «Жемекчи элеңер жедиңер! Керкашка чуркачу табына келген турбайбы. Мобул каапыр соо бала эмес дебедим беле! Мен айткандын баарын ошол бала жеткизген турбайбы» деп Нурлубай саяпкер жанындагыларды каарыйт. Чабылчу аттарды коноого айдап жөнөгөндөр эми мерчемдүү жерге жакындадык деп сүйлөшүп бара ратканын укканда, казактын ат чапкан балдары ээ жаа бербей кайра тартып жөнөп калышат. Ат айдоочулар алды жакта бара аткан аттарга кабар бергиче, мурдагы аттар атырылган бойдон алда кайда узап кетет.

Кокуйлаган Шергазы кыйла жерге чаап жүрүп, жолго койгон атына жетип:«Керкашка кайда баратат?» деп сураса: «Эң арткы аттар менен баратат» дешет. Шергазы ат которуп минип, Керкашкага жетсе, бала балалык кылып, аттарга аралашып бара тканын көрөт. Керкашканы чаң басып, кара терге түшкөнүн көргөн саяпкер ботодой боздоп, ээр-токумун алып кайра токуп, анан балага:«Аттарга кошулбай жандап жөнөгүн!» дейт. Керкашка эс ала түшкөндөн кийин, көзгө илээшпей учкан бойдон кетет. Адегенде үч жүз, анан жүз элүү, жүз, элүү аттын артынан сая түшкөн Керкашка акыры казактын Тору-Дөнөнүнө жанашат. Артынан чаап келаткан саяпкер: «Керкашка ат азыр эле Тору аттан моюнча озду» дегенди укканда «Он сегиз асый болгон жаныбарым, эми чамдай көр!» деп зарлаган бойдон жөнөйт.

Жаныбар Керкашка алдыга чыгып, арышын кере аттап, аркардай көзүн жайнатып, төрт аягынан чыккан чаң түрмөк-түрмөк уюлгуп маңкаңдап келатканын көргөн сүйүнө жарданган эл чапкан баланы: «Акжолтой болдуң» дешип өпкүлөшөт. Аркасынан алактап жете келген Шергазыга: «Керкашка ат чыгып келди Шаке, сүйүнчү!" дешет. Ажалга башын тигип коюп, ат таптаган саяпкер атынан түйүлүп түшүп: «Жаныбарым, 18 асыйга толуп, карылыгың жетсе да, эл үчүн бир керекке жарап, намыс алып бердиң, мени көз жашымдан арылттың. Айбан болсоң да, сенде арманым калган жок» деп күлүктү маңдайынан 3 ирет өөп, чөгөлөп таазим кылган экен.

# Көп ойногон бала акылдуу болот



Оюн ойноо жаш баланын акылынын өсүүсүнө оң таасирин тийгизет. Ойноп жаткан учурда бала эмнени, кантип ойноону ойлойт. Ар түрдүү адамдын образын (апа, ата, айдоочу ж.б.), ролун аткарып ойноо менен ошол адамдын жасаган иштерин, милдетин акырындан түшүнө баштайт. Кимге кандай роль берүүнү ойлонот. Оюнчуктарын түрдүү кызматтарда колдонуп абстрактуу ойлонууну үйрөнөт. Мисалы, китепти поднос, ичке талды ат, жыгачты адам кылган сыңары. Мындай көрүнүш жаш баланын акылынын өсүүсүнө, бир нерселерди ойлоп табууга, окшоштуруп жасоого үйрөтүп, шыктандырат.

Жаш бала оюн аркылуу ошол чөйрөгө аралашып, мамиле куруну, белгилүү эрежелерге баш ийүүнү үйрөнөт. Ошондой эле достошуу аркылуу лидерлик жөндөмүн өнүктүрөт жана өзүнө болгон ишенимин бекемдейт. Натыйжада бала ойноп жатып эле өзүн тарбиялап, өз алдынча, эркүү, аракетчил боло алат. Мына ушулардын баары биригип, ойноп жаткан кездеги кыймыл-аракеттер баланын булчуңдарынын бекем болуп чыңалуусуна жакшы жардамчы болот. Секирүү, жүгүрүү, аттоо чоң булчуңдарды, ал эми калем-кагаз кармаган, кол менен ойногон ар түрдүү оюндар кичине булчуңдардын чыңалуусуна жакшы жардам берет.

# Ширеңке талдары жана жашоо



Кызык. Дүйнөнү, жашоону, тагдырды көп нерсеге окшоштура берсе болот экен. Кээде ойлонуп отуруп, жашоону ширеңке кутусу сыяктуу карап, талдарын адамдын жашоосуна, кутусун жашап жаткан коомго окшоштура берем.

Кээ бир ширеңке талдары бар, бир максат үчүн күйөт. Кээ бири тамеки түтөтөт, кээ бири от тутандырса, кээси эч нерсеге жарабастан, жөн гана күйүп бүтөт. Айрымдары өзү менен кошо бир токойду, бир үйдү күйгүзүп, күлүн асманга сапырат. Ошол куту ичиндеги талдар бир караганда баары бирдей, окшош көрүнгөнү менен бири-биринен айырмаланып турат. Айрымдары ипичке болуп, колго алар менен сынып кетчүдөй араң жан көрүнөт. А бирок эң жакшы күйгөндөрү да мына ошолор. Кээ бири жоон болуп, көп нерсени күйгүзүп жиберчүдөй көрүнгөнү менен өзүн да эптеп күйгүзө албайт. Ал эми кээси ийрибуйру болуп, мыйрыйып турса да, кызматын кың дебей так аткарат.

Адамдын жашоосу да ширеңке талдары сыяктуу. Жоон ширеңке талына окшошуп, ишин жөндөп аткара албагандар болгону өзүн-өзү күйгүзүп, эч нерсеге жарабай, күл болуп кала беришет. Кээ бири тал сыңары чыракты күйгүзүп, өзү түгөнсө да, артында бир жарык, из, пайдалуу нерсе калтырат. Ийрибуйру, сынып калган ширеңке талдары сыңары арада майып адамдар да бар. Алардын дене түзүлүшүнө эмес, жасаган иштерине карап баа бере билүү зарыл.

Ал эми ширеңке кутусу биз жашаган коом сыяктуу. Ным тартып калган кутудагы талдарды канча аракет кылсаң да күйгүзө албайсың. Демек, ичинде жашаган коом адамга чоң таасирин тийгизет.

Кутуда өзгөчөлөнүп тескери жатып калган талдар да кездешпей койбойт. Баары бир жакты көздөй карап турса, алар башкалардан айырмаланып, башка тарапты карап көңүлдү бурат. Кутучаны ачканда эле биринчи мына ошолор көзгө урунат. Ошол себептүү да алгач ошентип айырмалангандары иштетилет. Ошондой эле бирөөсү күйгөндө, экинчисин да аргасыздан күйүүгө мажбурлай жабышкан талдар да болот. Бирок булардын ичинен эң эле коркунучтуусу, өзү менен кошо кутусун күйгүзгөнү. Себеби алар өзүн эле эмес, бүтүндөй коомду, үй-бүлөсүн жок кылат. Мунун баары чийдин учундагы химиялык затка – күкүрткө байланыштуу...

Бизчи окурман, кутудагы талдардын кайсы тобуна кошулат болдук экен?

## Жигиттердин көзү менен караганда



Кээ бир жигиттерге көп сүйлөгөн, кээсине шашпай сүйлөп, созулган кыздар жагат. Ал эми жалпысынан айымдардын баарына тиешелүү болгон айрым жүрүш-туруштар, эмоциялар, ушул сыяктуу өзгөчөлүктөр эркектердин көпчүлүгүнө жага бербейт. Алар эмне экенин билгиңиз келеби, анда келиңиз, мырзалардын көзү менен чогуу карап көрөлү.

1. Эгер өзүң толуп кеттим деп ойлосоң, бизден сураба, жоопсуз каласың...

2. Эч качан чачыңды өтө эле кыска кылып кырктырба.

3. Жекшемби – спорт күнү.

4. Базарлоо – бул спорт эмес.

5. Сенин кийимдериң жеткиликтүү.

6. Сенин бут кийимиң өтө эле көп.

7. Ый – бул калп эле шылтоо.

8. Эмнени айтсаң да кыйытып, табышмактатпай ачык айт.

9. Маанилүү күндөрдү календарга өзүң белгилеп кой.

10. «Ооба», «жок» деген сөздөр ар бир суроого ылайык жооп.

11. Көйгөйүңдү жөн эле түшүндүр, ыйлаш үчүн курбуларың деле жетиштүү.

12. Бардык сөздөр 7 күндөн кийин күчүн жоготот.

13. Айта турган сөздөрүңдү жарнама убагында айтканга жетишип кал.

15. Мамилелер эч качан алгачкы 2 айдагыдай болбойт.

16. Ойдогуну окуп турчудай телепат эмеспиз.

17. Көңүлүң жай албаганын көрүп, эмне болгонун сурап, «баары жайында» деген жооп уксак, эчтеке болбогондой мамиле жасайбыз. Сенин алдап же какшыктап жатканыңды жакшы эле түшүнөбүз, бирок жаңжалдын чыгып кетпөөсү үчүн ушундай кылуубуз зарыл.

# Күлгөндө билип алса болот...



Адамдын жүрүш-турушунан, сүйлөгөнүнөн, кол жазмасынан, деги койчу, көп жагынан байкап, анын кандай адам экенин билип алса болот экен. Төмөндө айымдардын жана мырзалардын күлгөнүнө сарсеп салып, байкап көрөлү.

### Айымдарды алып карасак

Күлгөн убакта чыпалагын эриндерине тийгизсе, мындайлар көңүл борборунда болууну каалаган, талапты катуу койгон айымдар.

Күлгөндө колу менен оозун жаап алгандар, токтоо, жөнөкөй жана бир аз чечкинсиз келишет. Тартынчаак келгендиктен, коомчулук менен тез аралашып кете албайт.

Эгер башын артка чалкалатып күлсө, бир аз жеңил ойлуу, ишенчээк, ак көңүл айымдар. Эмоцияга берилип жана ачууга тез алдыргандардын катарына кирет.

Эгер күлүп жатып колу менен башын кармалай берсе, кыялкеч жана романтик. Ал эми күлгөндө мурдун тырыштырган айымдар өтө кежир, эмоционалдуу келишип, көңүлү мүнөт сайын өзгөрүп турат.


### Мырзалардын каткырыгы

Эч кандай манерасыз кадимкидей эле күлгөн мырзалар токтоо, оор басырыктуу, иш билги болушат. Мындай эркектер адатта үй-бүлөдө ишенимдүү келишет.

Эгер ачык, катуу, өзгөчө өзүн артка таштап, көзүн жүлжүйтүп күлсө, жеңил мүнөз адам. Жашоого жана айымдарга болгон мамилесинде да жеңил ойлуу карайт. Мындай адам менен тил табышуу оңой жана кызык болушу мүмкүн, бирок аны менен олуттуу мамиле түзбөй эле койгон оң.

Оозун чоң ачып каткырып күлсө, ачык-айрым, ак көңүл, дурус жигит. Акылы курч, митаамдыкты билбеген, түздүгү бар. Бирок интеллектуалдык деңгээли өтө бийик эмес, андан окуган китептин анализинен көрө анекдотту угууга болот.

Эгер эринин оң жакка кыйшайтып жөн гана күлүмсүрөсө, анда ал копол адам. Мындай мырзалар жалган айтканга жакынырaак келип, кээ бир учурларда өтө катуу болушат.



# Сапсагай уулоо башталды

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Кечээ баягы Данко Наромби менен Гаджет Хортгазды башкы сурак катуулап суракка алды. Башына чегирткенин канатын тагып алган башкы суракчы сурагын түз эле Хортгаздан баштады.

– Кана ачыгын айтчы, Наригон Туйладан капуста сураганың чынбы?

– Мен сураган жокмун, Данко сурады, – деп даярданып алган немедей шыпылдай жооп берди Гаджет Хортгаз.

– Кантип далилдейсиң? – деди суракчы ого бетер катаалдана.

– Мен сураган жокмун, Данко сурады, – деп оң колун жүрөк тушуна коюп алып жети жолу шатырата кайталады Хортгаз.

Башкы суракчы ишенди окшойт, эми Данкону тургузду.

– Кана, сен айтчы. Наригон Туйланын капустасын эмне кылдың?

Данко туруп баратып акырын бурулду да, Гаджетке муштум кезеди. Араң турган байкуш Гаджет коркконунан чалкасынан кетип, камалып отурган торго жабышып калды. Суракчы Данконун колун бир саам карап туруп, суроосун кайра жаңыртты:

– Данко, алдагы алаканың эмне болгон?

– А жөн эле, – деп ырсаңдай күлдү Данко: – Өткөндө алаканым ушундай кычышканынан тырмап берип, тырмай берип ушинтип тытып алдым.

– Алакан кычышса капуста аласың дешчү эле бизде. Алдыңбы анан?

– Алдым, алдым. Менин алаканым бекер кычышпайт да.

Ушуну айтып Данко дагы ырсайды.

– Ии, канча алдың? – деп сурады суракчы жайма-жай сүйлөшүп атқандай.

– Биринчи кычышканда 50 таңгак алдым. Кийинкисинде дагы 50 таңгак алдым.

– Мына көрдүңөрбү? – деп кыйкырып тура калды Гаджет: – Мына ошондо Туйланын капустасын...

Бирок, ал бечара сөзүн дагы аяктай албай калды. Данко бурула калып тап берди эле, «кокуй» деп чаңырган бойдон бурчка тыгылды. Суракчы болсо бир нерсени эми байкагандай, элейип токтоп калды. Анан алдында турган жалбырактарды оодарып кайсалап издеп, жанындагылар менен башын тийиштире калып бир сыйра шыбырашып алды. Бир маалда баягы катаал мүнөзүн кайра кийип, Данкого суроо салды.

– 50 таңгак капустаны кимден алдың эле? – деди суракчы.

Данко бул жолу алапайын таппай буйдалып калды.

– Эме-е... аны деген неме... жанагы... Туйланын кызы өзү келип... кой десем болбой...

– Анан 50 таңгак бердиби?

– Ооба, өзү эле бере калды. Мен «албайм» дедим. «Мага бербе, суракчыга бер, Чинго Акунага бер, керек болсо Шашага бер» дедим. Болбой жабышып туруп алды.

– Анан эмне кылдың аны?

– Эми билесиз да. 50 таңгак деген эмне! Бир эле сүйлөшкөндө кетип атпайбы...

– Аа, ооба. Аның чын. Азыр баары кымбаттап кетти.

– Ооба, бүт кымбаттады. Мурун 50 таңгак жашыл капустага 2 жолу сүйлөшчү элек.

Данко бир саам кадимкидей кейип сүйлөнүп алды. Өзү капастын ичинде отурса да сырттагы жашоону ойлоп кейигени кызык. Суракчы сүйлөп жибербегенде ал дагы далайга кейимек го кызы. Суракчы бир маалда эле:

– Ох-х ийй тим эле кычышат да, – деп оң колун тырмагылап кирди.

Аны көрүп Данконун жүрөгү болк этти. «Кокуй мунун колу кычышпасын. Булар даана балээ» деп тиленди ичинен. Бирок, болор иш болуп калган болчу. Суракчы эчак эле колун тырмагылап, тытмалап отурган. Анын кычышканын эми Данко басабы же Хортгаз басабы, азырынча эч кимге белгисиз...

Айтмакчы Данко бекеринен санааркап отурган жери жок. Бу суракчылардын колу Кумурзстанда күнүгө кычышып турат. Анан калса кенедей тыз дегенди да бекер кетиришпейт. Сөзсүз бирөөнөн капуста сууруп алышат. Мына бүгүн да алардын бирөө жаны калбай алаканын кашып отурат. Кечээ эле «Жепжутика – Ата-Курт» мыркиясынан хайлалоого катышкан кумурскалар арыз менен кайрылганда ушундай болоорун билген. Ал тургай тээ хайлалоо баштала электе эле, бул мыркиянын талапкерлери ата-жотосунан бери айтып, күбүрөнүп-шыбыранып, чокунуп-сокунуп ант берип атканда эле билген. «О буюрса агы барып бизге келишет экен» деп ойлоп койгон ошондо эле бу суракчылар. Себеби, алар жедеп писколог болуп бүткөн да. «Бири-бирине ишенбегенинен ушунтип атышат. Ал тургай өзүнө да ишенбеген кумурска гана укум-тукумун кошуп ант берет» деп мыйыгынан күлүшкөн. Мына, ошол айткандары да келди. Хайлалоодон өтүп алышкандар кийин "сен данекбаш болосуң, мен данекбаш болом" деп чырылдаша баштышты. Жанагы Комча деген неме болгондо чурулдатып-чуркуратпай баарын төбөгө коюп тынчытып коймок. Өткөндө бирөөнү төбөгө коюп ийем деп хайлалоодон чыгып калган неме, эми «бириң өлүп бириң кал» дегенсип тымпыйып отурат. А Амур бек Бабо болсо өзү данекбаш болуп калганына гана ыраазы. Чынында эле анын ордун эч ким талашкан жок. Талашса да ала алгыдай эмес. Балким Амур бек Теке анын мыркиясында болуп, ошол орун талашканда анда Бабо даана эле талаада калмак. Себеби, Теке Бабону кайсы жерден оодара тартышты жакшы билет. Бир заматта шыпырып таштайт ал.

Кыскасы, ошентип хайлалоо бүткөнү менен ич ара орун талаш бүтпөй данекбаштар чырылдашып жүрөт. Ортодо эле суракчыларга жыргал болду. Күнүгө таңдан баштап колдору кычышып турушат да, кечинде капуста кучактап төшөккө жыгылышат. Кокус мурду кошо кычышса, анда булоолоно бышкан жөргөмүш эти алдыларына тартылат. Артынан болсо баягыл эле таңгак-таңгак капусталар.

Айтмакчы, жакында эле өтө кызык окуя болду. Чынында, Кумурзстандыктар азыр данекбаштар менен деле, манекбаштар менен деле иши жок. Себеби, жакында эле зындандан төрт сапсагай качып кетиптир. Кумурзстандыктардын азыркы сүйлөгөн сөзү эле ошол. Кокус кимдир бирөө данекбаштар, алардын согушу тууралуу айтып калса, дароо жанындагылар кыртышы сүйбөй тырчыңдап: «Э коё турчу ошол данекбаш, манекбаштарыңды. Бул жакта сапсагайлар тууралуу сөз болуп атса» деп кагынып калышат. Өткөндө болсо бирөө коңузу менен Нарнуядан Башкуяга келатса, эки апсагай кумурска тоскон экен. Сүйүнүп кетип бекер эле мингизип алыптыр. «Эмнеге бекер мингизип алдың буларды. Жол акысын албайсыңбы?» деп аялы айтса, тиги коңуз минген кумурска: «Койотур, булар баягы сапсагайлар окшойт. Тинттерге төгүп берип сүйүнчү алайын» деп шыбырап койот дейт. Көрсө уяхан Шаша Хахамбай ар бир сапсагай качкынга үч жүз таңгак сары капуста «сүйүнчү» берем дегенин угуп калган тура. Иштин жайын дароо түшүнгөн аялы кымылдап унчукпай калбайбы. Ошентип тигил экөөнү байкатпай Башкуяга алып келип тинттерге алып барса алар сапсагайларды бир карап, капчыктарын бир карап туруп «бул качкан сапсагайлар эмес» деп албай коюшуптур. Анда тиги коңуз минген кумурска «Макул анда силерге искидка кылайын. Экөөнү беш жүзгө алгыла» деген тура. Бирок тинттер такыр карабай коюшуптур. Ошондо ачуусу келген коңузчан: «Акыркы жолу айтып атам, алып калгыла. Болбосо башка тинттерге алып барам» деп коркутуп коёт дейт. Мына ушундай кумурскалар бар Кумурзстанда. Тинттер болсо качкын сапсагайларды тим эле көргөн жерден бит аткандай атып атышат. «Сен кимсиң, эмнеге сапсагайсың, эмнеге качтың, ким кубалады, эми кайда барасың» деп сурап да коюшпайт. Же сапсагай көрсө чочуп кетип өздөрүн кармай албай калышабы, же дагы бир балээси барбы, айтор көрдүбү дароо атышат. Биринчи атып туруп анан ошолбу, же ал эмеспи деп текшерип коюшат экен. Андан да колуна арпа тууруган бычак карматып коюшат экен. «Ушуну менен мени өлтүрөм деди. Анан атып салдым» дегендегиси ал. Болбосо ал бычак тинтти кытыгылаганга да жарагыдай эмес. Жөн эле коркконго кош көрүнөт болуп, арпа бычак кармаган сапсагай найза көтөрүп бараткан пашистей көрүнүп кетет го. Же башка да себеби барбы, айтор, тинттер катуу аткыч болуп кетишти.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП
**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93–65–55, (0312) 45–48–68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити
**Нускасы:**
**Буйрутма №**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Дүйнө мамлекеттеринин өзгөчө майрамдары

Өз маданиятына көнүп калган адамдарга башка элдердин майрамдары бир тараптан кызыктуу, экинчиден, акылга сыйбагандай көрүнүшү мүмкүн. Башка калктын салт-санааларын түшүнүү үчүн өздүк маданияттын чек арасынан чыгып, дүйнөнү жаңы көз караш менен кароо керек. Төмөндө биз бир канча мамлекеттердин өздүк майрамдарына токтоло кеттик



## Түстөр майрамы

Индия мамлекетинин "Түстөр майрамы" жаздын келишине, жаңы жашоо башталып, жамандыктын чыгышына арналат. Майрам 2 күнгө созулуп, ай жаңырганда белгиленет. Себеби уламыш боюнча ай жаңырган күнү жамандыктын белгиси шайтан Холика өлгөн. Майрамда чогулган эл бири-бирине түстүү суюктуктарды чачышып, Холиканын сөлөкөтүн өрттөшөт.



## Жентльмендер олимпиадасы

Аты айтып тургандай эле олимпиада Англияда өткөрүлөт. Майрам көчөдө майрамдалып, жентльменмин деген катышуучулар бир канча сынактардан өтүүсү керек. Максаты өздүк салт-сананы сактап калуу.




## Гүлдөр парады

Сентябрь айынын биринчи дем алыш күнү Голландиянын Аалсмеер шаарынын негизги көчөсүндө гүлдөрдөн жасалган жомок каармандары, жаныбарлар жана башка формалардан турган парад өткөрүлөт. Бул парад дүйнөдөгү эң чоң гүлдөр парады болуп эсептелинет. Майрамдан гүлдөрдүн бардык түрүн кездештирүүгө болот. Негизи басым Голландиянын сыймыгы болгон жоогазындарга жасалат.




## Маймыл дасторкону

Бул майрам Таиланддын провинциясы Лопбуриде өткөзүлөт. Жылына бул иш-чарага атайын конок катары чакырылган 600 маймыл катышат. Дасторкон маймыл кудай Раманын урматына жайылып, мөмө-жемиштер менен толтурулат. Уламышта айтылгандай, дал ушул кудайдын жардамы менен провинция калкы согуштарда жеңиштерге жетишкен.

## Деңиз каракчыларынын эл аралык күнү

Бул майрам алгачкылардан болуп, АКШда майрамдала баштаган. Учурда интернеттин жардамы менен бир канча өлкөлөргө тарап, алардын өздүк майрамына айланган. 19-сентябрь күнү деңиз каракчыларынын кийимин кийип, алардын тилинде сүйлөгөн адамдары Европанын мамлекеттеринен кезиктирүүгө болот.



## Ырайын бузуу дүйнөлүк чемпионаты

Алгач бул чемпионат англичандар тарабынан ойлоп табылган. Азыркы тапта Эгремонте шаарында өткөзүлүп келет. Майрам ар жылдын сентябрь айында белгиленет. Өткөн жылдын чемпиону болуп Питер Жексон аттуу жаран табылган. Ал "эң коркунучтуу келбет" наамын алуу үчүн тиштеринин баарын жулдурган.



## Чор тамандардын жайкы оюну

АКШнын Жоржия штатында өткөрүлөт. Майрамдын негизги максаты – ылай сууга чумкуу. Ким суу алдында көбүрөөк жатса, жеңиш ошол адамга ыйгарылат.



Бетти даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ